82 кырг
Д 86



# ДҮЙНӨ ЭЛДЕРИНИН ЖОМОКТОРУ – 1

82 кырг.
Д 86
ОЦБ

# ДҮЙНӨ ЭЛДЕРИНИН ЖОМОКТОРУ – 1

Токтогул Сатылганов атындагы
Ош облустук китепкана
ИНВ № 481060

«Улуу Тоолор»
Бишкек – 2019

Токтогул Сатылганов атындагы
Ош облустук китепкана

УДК 82/821–93
ББК 84 (0)
Д 86

Түзүүчү Д. Исанов

Д 86 **Дүйнө элдеринин жомоктору** – 1. – Б.: "Улуу Тоолор", 2019. 128 б.

ISBN 978-9967-29-140-9

К 4803000000-19

ISBN 978-9967-29-140-9

УДК 82/821–93
ББК 84 (0)

© Улуу Тоолор., 2019.

# ОРУС ЭЛ ЖОМОКТОРУ

## ЖЕТИ ЖАШАР КЫЗ

Эки ага-ини арабачан жол жүрүп баратып, орто жолдо конуп калыптыр: бири даңктуу бай неме, экинчиси эң эле кедей. Байдын арабага чеккени – ат, кедейдики – бээ.

Кедейдин бээси ошол түнү тууп коюп, кулун байдын арабасынын астына ооналактап барып калыптыр.

Бай агасы эртең менен кедей инисин ойготуп:

– Тур, иним! Менин арабам түндө кулун тууп коюптур, – дейт.

Иниси ордунан туруп, минтип айтат:

– Араба кантип кулун туусун? Муну менин бээм тууду.

– Эгер сенин бээң тууса, кулун анын жанында жатпайт беле, – дептир агасы.

Экөө чатакташып, сотко барышты: сотко бай акчасын сунуп, кедей сөзү менен жеңмекчи болуп, акыры бул иш падышанын так өзүнө чейин жетти.

Падыша эки бир тууганды чакырып алып, жандырыш үчүн буларга төрт табышмак тапшырды:

– Дүйнөдө баарынан күлүк да, күчтүү да эмне бар? Дүйнөдө баарынан эмне семиз? Баарынан эмне жумшак? Баарынан эмне сүйкүмдүү?

Ошентип үч күнгө уруксат берип:

– Төртүнчү күнү келип, жооп айтасыңар, – деди.

Бай мужик ойлонуп, ойлонуп, акыры өзүнүн кудагыйын эстеп, андан акыл сурашка барды.

Кудагыйы мунун астына дасторкон жайып, конок кыла баштап:

– Кудам, кабагың неге мынчалык салыңкы? – деп сурады.

– Падыша мага төрт табышмак берип, үч күндөн калтырбай табасың деди.

– Кандай табышмак? Айтып көрчү мага.

– Мындай табышмак, кудагый: биринчиси – дүйнөдө баарынан күчтүү да, күлүк да эмне бар?

– Ушул элеби! Менин эримдин кара бээсинен ашкан күлүк дүйнөдө жок. Камчы менен катуу чапсаң – коёнду кууп жетет.

– Экинчиси – баарынан эмне семиз?

– Биздеги чаар каман эки жылдан бери борго байланып, семиздигинен козголо албай жатат.

– Үчүнчү табышмагы – баарынан эмне жумшак?

– Ал белгилүү мамык төшөк, андан жумшакты ойлоп таппайсың.

– Төртүнчү табышмак – баарынан эмне сүйкүмдүү?

– Баарынан да өз неберең Иванушка сүйкүмдүү.

– Ыракмат, кудагый; акылды жакшылап үйрөттүң, өмүр бою унутпайм мунуңу...

Байкуш кедей көз жашын көл кылып, түз эле үйүнө барды. Жети жашар кызы алдынан тосуп чыкты; бул үйгө баш-көз болгон так ушул кызынан бөлөк эч кими жок.

– Күйүткө эмне батып, кез жашты неге төктүң, атаке?

– Күйүткө кантип батпайм? Көз жашты кантип төкпөйм! Падыша мага төрт табышмак берип койду, аны эми өмүр бою таппайм.

– Кандай табышмак, айтчы мага.

– Мындай табышмак, кызым: дүйнөдө баарынан күчтүү да, күлүк да эмне бар, баарынан эмне семиз, баарынан эмне жумшак, баарынан эмне сүйкүмдүү.

– Эмесе, атаке, падышага минтип айткын: баарынан күчтүү да, күлүк да шамал; баарынан семиз – жер: өз бетинде өсүп-өнгөн, жашап жүргөндүн баарын жер тойгузат; баарынан жумшак – кол: адам эмненин үстүнө жатса да, колун башынын астына коёт; ал эми уйкудан сүйкүмдүү нерсе дүйнөдө жок.

Бай агасы менен кедей ини падышанын алдына келди. Падыша бул экөөнүн сөзүн угуп, анан кедейге карап:

– Муну сен... өзүң таптыңбы же бөлөк бирөө үйрөттүбү? – деп сурады.

Анда кедей айтат:

– Урматтуу улуу падышам, жети жашар кызым бар менин, ошол үйрөттү.

– Эгер сенин кызың ошончолук эле акылдуу болсо, мына бул бир учук жибек жиптен эртеңге чейин мага саймалуу сүлгү жасап берсин.

Байкуш кедей бир учук жибек жипти колуна кармап, кайгырып, капаланган бойдон үйүнө келип:

– Балакет басты! – деди кызына. – Падыша мына бул жиптен саймалуу сүлгү жасап берүүнү буйруду.

– Ага кайгырбагын, атаке, – деп жети жашар кызы сүйлөдү.

Кыз чоң шыпыргыдан жалгыз чырпыкты сындырып алып, атасына берди:

– Бул чырпыкты падышага алып баргын: сүлгүнү саймалаш үчүн ушул чырпыктан токугуч станок жасагыдай уста тапсын.

Кедей муну падышага айтып барды. Падыша эми жүз элүү жумуртка берди.

– Ушул жумурткаларды кызыңа жеткир: эртеңге чейин мага жүз элүү жөжө чыгарып берсин.

Байкуш кедей ого бетер кайгыга батып, үйүнө кайтты:

– Эми канттик, кызым! Бир балакеттен кутулсак, экинчисине дагы тутулдук.


– Кайгырбагын, атаке, – деди кызы.

Анан жумуртканы бүт бышырып, түшкү тамак менен кечки тамакка катып коюп, атасын падышага дагы жиберди:

– Жөжөлөргө бир гана күндө бышкан таруу керек деп айтып баргын: бир күндө жер айдалып, таруу себилип, орулуп, бастырылып, даны тазарылсын. Бөлөк данды биздин жөжөлөр чокуп да койбойт.

Падыша бул сөздү угуп, анан минтип айтты:

– Сенин кызың ошончолук эле акылдуу болсо, эртең эрте алдыма өзү келсин, бирок келгенде: жөө бас-



пасын, ат минбесин, жылаңач жүрбөсүн, кийим кийбесин, мага сыйлык да бербесин, куру да койбосун.

«Мынчалык татаал табышмакты кызым да таппас... ажалыбыз анык жеткен экен», – деп ойлоду кедей.

– Капаланба, атаке, – деди жети жашар кызы. – Сен азыр куш салып, мылтык аткычтарга барып, мага тирүү коён жана тирүү бөдөнө сатып кел.

Атасы барып, коён жана бөдөнө сатып келди.

Эртеси эртең менен кыз үстүндөгү кийимдерин бүт чечип, жалаң тор кийип, бөдөнөнү колуна кондуруп, коёнду тизесине кыса кармап, падышанын ак сарайын карай жөнөдү.

Падыша муну дарбазасынын түбүндө тосуп алды. Кыз ийилип салам берип:

– Мынаңыз, падышам, сага берер сыйлыгым ушул, – деп бөдөнөнү сунду.

Падыша колун созгондо, бөдөнө бырп этип учуп кетти.

– Ырас кылдың, – деди падыша, – сен менин буйругумду бүт орундапсың. Эми айтчы мага: атаң кедей экен, оокатыңар кантип өтүп жүрөт?

– Атам сууга кайырмак салбай, кургак жээктен балык кармайт, мен ал балыкты этегиме толтуруп келип, шорпо кайнатам.

– Сен кандай акмаксың! Кургак жерде балык болчу беле? Балык сууда жүрөт.

– А сен акылдуу имиш! Араба кулун туучу беле? Кулунду араба эмес, бээ тууйт.

Ошентип, кулунду падыша кедей байкушка алып берген экен.

## КҮМҮШ ТАБАК ЖАНА СОНУН БЫШКАН АЛМА

Илгери зайыбы бар бир дыйкан болгон экен. Анын үч кызы болуп, үчөө тең өтө сулуу болуптур. Эки улуу кызы жеткен жалкоо, жасанып-түзөнүп отуруудан бөлөк эч нерсе билишпейт; эң кичүү Алёнушка дегени тынбай иштеп, өзү абдан момун кыз. Баарынан ушул Алёнушка сулуулук кылат.

Алёнушка иштин бардыгын бүтүрөт: үйдү тазалайт, тамак даярдайт, огородду казат, суу алып келет. Ата-энесине жакшы мамиле кылып, айылдагыларды урматтап турат. Ошондуктан атасы менен энеси да муну берки кыздарынан жакшы көрөт. Акыры эки эжеси Алёнушкага каршы көрө албастык мамиле кыла баштады.

Бир күнү эне-атасы талаадагы жумушка кетти. Бечара бир кемпир келип, бул үйдөн нан сурады. Эки эжеси аны менен таптакыр сүйлөшпөй койду, Алёнушка бардык токочту көтөрүп чыгып, кемпирге берип, аны дарбазадан ары узатып барды.

– Ыракмат, кызым, – деди кемпир. – Сенин кылган жакшылыгың үчүн менин берер кеңешим бул: атаң базарга барганда, эрмек кылам деп, күмүш табак менен

жете бышкан алманы саттырып ал. Алманы табактын бетине тоголотуп, минтип айткын:

Жайпак күмүш табакта,
Тоголонгун, сен алма.
Табак мага көрсөтсүн:
Калаа менен талааны,
Деңиз менен токойду,
Эң эле бийик тоолорду,
Өтө кооз асманды...

Ошондо керегим тийсе, өзүм сага бат эле жетем. Эсиңде болсун: менин үйүм калың токойдун эң четинде, ага барыш үчүн үч күн, үч түн жол жүрүш керек.

Кемпир бул сөздү айтар замат токойго кирип кетти.

Арадан көп убак өттүбү, аз өттүбү, акыры дыйкан базарга барышка камынып, кыздарынан:

– Силерге эмне алып келейин? – деп сурады.

– Мага көйнөктүк кызыл атлас сатып ал, атаке, – деп биринчиси айтты.

– Мага гүлдүү чыт алып кел, – деди экинчиси.

Аида Алёнушка айтат:

– Кагылайын атакебай, мага күмүш табак жана жакшы бышкан алма алып кел.

Дыйкан кыздарынын айтканын алып келүүгө убада берип, базарды карай жөнөп кетти.

Ал кайра келип, бир кызына гүлдүү чыт, экинчисине – кызыл атлас, Алёнушкага күмүш табак, жакшы бышкан алманы берди. Эжелери Алёнушканын тайпа-

гай табагы менен алмасын шылдыңдашып, муну эми эмне кылат деп күлүштү.

Алёнушка алманы жебей, бурчка отуруп алып, аны табактын бетине тоголотуп ойноп, минтип айтты:

Жайпак күмүш табакта,
Тоголонгун, сен алма.
Табак мага көрсөтсүн:
Калаа менен талааны,
Деңиз менен токойду,
Өтө кооз асманды...

Жакшы бышкан алма тоголоно . баштап, күмүш табактын бетинде нечен шаарлар, талаадагы кыштактар, деңиздеги кемелер, бийик тоолор, өтө кооз асман бүт көрүнүп, күн менен ай жаркырап айланып, жылдыздар топтошуп, алардын ушунчалык сонундугун айтыш үчүн сөз жетпес, калем түтпөс болуп калды.

Эжелери аны көргөндө ого бетер ичи күйүп, табак менен алманы эптеп алдап алмак болушту, бирок Алёнушка эч нерсеге берер эмес.

Эгер бул алдоого көнбөсө, анда эки эжеси акыры зордук менен алууга белсеништи. Алёнушканы имере басып, сөзгө алышып:

– Жаны бирге Алёнушка! Токойго барып, бүлдүркөн терели, – дешти.

Алёнушка макул болуп, табагы менен алмасын атасына берип, эжелери менен кошо токойго кетти.

Бул анда токойду аралап, бүлдүркөн терип, а эжелери улам ары карай ээрчитип отуруп, акыры калың

чердин ичине кирер замат Алёнушканы баса калып өлтүрүшүп, кайыңдын түбүнө көөмп салышты да, кеч күүгүмдө келип, атасы менен энесине минтип айтышты:

– Алёнушка бизден бөлүнүп кетип, ошол бойдон жок. Токойду бүт кыдырып таппай койдук. Аны карышкыр жеп салган окшойт.

Ата менен эне аябай ыйлап, а эки кызы атасынан табак менен алманы сурады.

– Жок, – деди атасы, – мен бул табак жана алманы эч кимге бербейм. Өзүмдүн өтө сүйгөн кызым Алёнушка жөнүндө булар мага эскерме болсун.

Ошентип, табак жана алманы кол сандыкка салып, бекем кулптап койду.

Арадан көп убак өттү. Бир күнү таңга жуук койчу коюн айдап, токойдун четинде өтүп баратты. Бир токту артта калып, токойго кирип кетиптир. Койчу токойду аралап токтусун издеп жүрүп, түптүз чыккан татынакай ак кайыңдын түбүндө дөмпөйгөн жерди, анын үстүндө кызыл, мала-кызыл, көгүлдүр гүлдөрдү жана ортодо жападан-жалгыз сороюп турган камышты көрдү.

Койчу камышты чарт кесип алып, чоор жасап, ойной баштаганда – кызыктын кызыгы, укмуштун укмушу болуп, – чоор өзү эле ырдап, минтип айтты:

Ойно, койчу, сен ойноп,
Акырын гана күү чалгын.
Мен байкушту өлтүрүп,
Ак кайыңдын түбүнө

Ары-бери көмүшүп,
Күмүш табак, алманын
Азабын тартып мен калдым.

Койчу кыштакка келгенде да чоор өз ырын ырдай берди.

Кыштактагылар муну угуп, аң-таң болушуп, койчудан сыр сурап кыйнашты.

– Кагылайын калк, – деди койчу, – мен эч нерсе билбейм. Жоголгон токтуну издеп жүрүп, дөмпөйгөн жерди көрдүм, анын үстүндө ар кыл гүлдөр, арасында жалгыз камыш туруптур. Камышты чарт кесип алып, чоор жасасам, өзү эле ойноп, сүйлөй да баштады.

Анан буга Алёнушканын атасы менен энеси жолугуп, койчунун кебин угушту. Эне байкуш чоорду ала коюп, ошондо чоор минтип айтты:

Ойно, энеси, сен ойноп,
Акырын гана күү чалгын.
Мен байкушту өлтүрүп,
Ак кайыңдын түбүнө
Ары-бери көмүшүп,
Күмүш табак, алманын
Азабын тартып мен калдым.

Бул сөздү укканда эне менен атанын жүрөгү аябай сыздады.

– Ушул камышты кесип алган жериңе бизди ээрчитип бар, койчу, – деди атасы.

Ата менен эне койчунун соңунан түшүп токойду карай жөнөгөндө, жоон топ киши кошо кетти. Ак кайыңдын түбүндөгү дөмпөйгөн жердин үстүндө кызыл-тазыл гүлдөр өсүптүр. Так ошол дөмпөгөй жерди казып жиберишип, Алёнушканын өлүгүн таап алышты.

Атасы менен энеси кызын таанып, жакшы көргөн кызы үчүн экөө бирдей көз жашын көл кылып төгүштү.

– Кагылайын калк! Муну ким өлтүрдү, ким ушундай кылды? – деп сураштты булар.

Анан атасы чоорду колуна алып, чоор ошондо минтип айтты:

Ойно, атасы, сен ойноп,
Акырын гана күү чалгын.
Эжелерим ээрчитип,
Токойго алып келишип,
Мен байкушту өлтүрүп,
Ак кайыңдын түбүнө
Ары-бери көмүшүп,
Күмүш табак, алманын
Азабын тартып мен калдым.
Эми, атаке, тез жөнө,
Түнт токойдун четинде
Жыгачтан салган үй турат,
Так ошону издеп тап.
Анда жакшы кемпир бар,
Мүрөк суусун берет ал.
Ошол суудан сен чачсаң,
Көзүмдү ачып, ойгоном,
Өлбөй-тирүү мен болом.

Атасы менен энеси түнт токойдун эң четин карай жөнөдү. Үч күн, үч түн жол жүрүп, жападан-жалгыз жыгач үйгө барышты. Капкачанкы кары кемпир крыльцого чыкканда, берки экөө мүрөктүн суусун сурашты.

– Алёнушка үчүн берем... анын ошол кирсиз аппак жүрөгү үчүн берем, – деди кемпир.

Кичинекей бөтөлкөгө толтура мүрөктүн суусун берип, дагы минтип айтты:

– Бул сууга бир ууч топурак чылагыла; өз жериңин топурагы кошулбай, суунун эч күчү болбойт.

Ата менен эне кемпирге алкыш айтып, кемпир айткандай – өз жеринин бир ууч топурагын бөтөлкөдөгү мүрөктүн суусуна чылап, ичи кара эки кызын ээрчитип токойго жөнөгөндө, жоон топ киши кошо кетти.

Токойдо атасы мүрөктүн суусун бетине чачар замат кызы Алёнушка тирилип тура келди. Кара ниэт эки эжеси өлгүдөй коркуп, өңдөрү купкуу болуп, кылган ишин мойнуна алышты. Көпчүлүк бул экөөнүн колубутун бекем байлап, кыштакка жетелеп келишти.

Эл абдан көп чогулду. Кара ниэт эки эжени эч аёосуз катуу жазалашка чечим чыгарышып, өзүнүн өнүпөскөн жеринен куул жиберишти.

Алёнушка атасы менен энесине кайрадан кошулуп, булар муну мурдагыдан да жакшы көрүп калышты.

## МУЖУК КАЗДЫ КАНДАЙЧА БӨЛДҮ

Илгери бир кедей мужуктун эгини түгөнүп калыптыр. Анан бариндеn эгин сурамакчы болуп, ага кур кол барбайын деп, жалгыз казын бүтүн бойдон кактап бышырып, ошону көтөрүп барган экен. Барин казды кабыл алып, мужукка минтип айтыптыр:

– Казың үчүн сага чоң ыракмат, мужук; бирок мунуңду кандайча бөлүүнү билбей турам. Мына менин аялым, эки уулум жана эки кызым бар. Алтообузга тепетең кылып кантип бөлөбүз?

– Мен эле бөлөм, – дейт мужук.

Бычак менен каздын башын чарт кесип, баринге карай:

– Бул үйдүн баш кишиси сенсиң – сага башы тийсин, – дейт.

Анан куйрук жагын кесип, аялга сунат:

– Сен үйдө отуруп, үйдү карайсың, ошондуктан сага куйругу тийсин.

Андан кийин эки таманын кесип, эки уулуна берет:

– Атаңардын баскан изинен тайбас үчүн силерге мунун таманы тийсин.

Акыры эки канатты кыздарга ыйгарып:

– Силер бойго жетип, бул үйдөн учканы турбайсыңарбы, ошол себептен силерге канатын бердим. А калганын өзүм алдым.

Ошентип, казды өзү бүт алып коюптур.

Барин буга каткырып күлүп, эгин жана акча бериптир.

Бир каз алып барган кедей мужукка барин эгин жана акча бергенин бай мужук угуп калып, беш казды чогуу бышырып барыптыр.

Анда барин минтип айтат:

– Алып келген каздарың үчүн чоң ыракмат. Мына менин аялым, эки уулум, эки кызым болуп – бардыгыбыз алты киши. Сенин беш казыңды алтообузга тепе-тең кылып кантип бөлөбүз?

Бай мужук ойлоно баштап, анын айласын такыр эле таппай койду.

Акыры барин кедей мужукту чакыртып, бөлүп бер деп буйруду.

Кедей мужук каздардын бирин баринге сунуп:

– Аялың экөөңө муну кошкондо – үч болдуң, – деди.

Экинчисин уулдарына берди:

– Муну кошкондо силер да үч болдуңар.

Үчүнчүсүн кыздарына сунду:

– Муну менен силер да үчсүңөр.

Калган эки казды өзүнө алып:

– Муну менен мен да үчмүн – баарыбыз тепе-тең болдук, – деди. Барин каткырып күлүп, кедей мужукка дагы эгин жана акча берип, бай мужукту кур алакан кууп чыкты.

Токтогул Сатылганов атындагы Ош облустук китепкана
АБОНЕМЕНТ
Токтогул Сатылганов атындагы Ош облустук китепкана
ИНВ № 481060

## КЕДЕЙДИН СОТТОЛУШУ

Эки бир тууган болуп, биринчиси таптакыр жарды, экинчиси эң эле бай экен. Жардынын мешке жагар отуну жок, үйү суук калат.

Токойго барып, отунду үйүп, бирок аны үйгө алып келишке аты да жок. Муну эми кантип ташыйт?

– Агама барып ат сурайын.

Бай агасы жарды инисин жактырбастан:

– Атты алсаң алгын, бирок отунду чанага көп салбагын. Мындан ары менден эч нерсе сурабай жүр: бүгүн берип, эртең берип, акыры өзүм тентип кетейинби, – деди.

Байкуш кедей атты үйүнө жетелеп келип, анан эстеди:

– Оолдо балакет бас-ай: менде каамыт да жок эмес беле! Аны кошо сурасам болмок, азыр барганым менен – бербейт.

Чананы аттын куйругуна эптеп-септеп бекем байлап, жүрүп кетти.

Кайра келаткан кезде чанасы дүмүргө такалып калып, байкуш кедей аны билбей, атка камчы чапты.

Ат абдан ыкчам экен, катуу жулкунганда куйругу үзүлүп кетти.

Атынын куйругу жок экенин көргөндө агасы аябай ачууланып, жекирип-жексеп:

– Атты курутупсуң! Мен муну жөн койбойм! – деп, кедейдин ишин сотко берди.

Арадан аз убак өттүбү, көп убак өттүбү – күндөрдүн биринде ага-ини экөө шаардагы сотко чакырылды.

Экөө баратышат. «Өзүм сотто болгон эмесмин, – бирок уккан элем: кучсүз болсоң – күчтүү менен күрөшпө, кедей болсоң – бай менен соттошпо дейт. Мени кесип коёру шексиз», – деп ойлоду кедей.

Булар көпүрөнүн так үстүндө баратып, анын эки жагында тосмосу жок экен, кедейдин буту тайып кетип, көпүрөдөн кулап түштү. Ошол учурда бай көпөс оорулуу атасын шаардагы дарыгерге жеткирип баратыптыр.

Кедей түптүз көпөстүн чанаасына келип, оорулуу чалды баса жыгылып, аны ошол замат өлтүрүп, өзү аман калды.

Көпөс кедейди кармап алды:

– Жүргүн сотко!

Ошентип, шаарга кедей, бай агасы жана көпөс болуп, үчөө чогуу жетти.

Кедей байкуш катуу капаланып: «Эми мени соттобой соо коймок кайда», – деп ойлоду.

Жолдо муштумдан чоң таш жатыптыр. Аны алып, чүпүрөккө ороп, койнуна катып койду. «Жети кырсыкка берериң бир жооп... Эгер мени ырас эле кесе турган болсо, сот өзүн кошо өлтүрөйүн», – деп ойлоду.

Сотко келишти. Мурдакы ишке эми жаңы иш кошулду. Сот сурай баштады.

Кедей сотко улам карап, койнундагы чүпүрөккө оролгон ташты көрсөтүп, шыбырап айтып:

– Соттосоң соттогун, бирок муну да көрүп койгун! – деп эскертип турду.

Ушинтип бир, эки, үч жолу айтты. Сот аны көрүп: «Бул мужук алтын алып келгенби?» – деп ойлоду.

Анан дагы караса – мужуктун берер парасы чоң окшойт: «Күмүш болгон күндө да, оңой олжо эмес», – деди.

Акыры өкүмдү мындай чыгарды: куйругу кайрадан өсүп жеткенге чейин ат кедейдин колунда болсун.

Көпөскө минтип айтты:

– Мына бул киши сенин атаңды өлтүргөнү үчүн так ошол көпүрөнүн астындагы музда турсун, а сен көпүрөнүн үстүнөн секирип, муну баса жыгылып, атаңдай кылып өлтүрүп сал.

Соттоо иши ошентип бүттү.

– Болуптур, атымды куйругу жок эле өзүм алайын, – деди агасы.

– Бул эмнең, агатай! – дейт иниси. – Соттун өкүмүн орундаш керек: куйругу өсүп жеткенге чейин ат менин колумда болот.

Бай агасы асыла баштады:

– Кой эми, отуз сом акча берейин сага, атымды өзүмө кайтар.

– Келе акчаны.

Агасы отуз сом акча берип, ошону менен тынып калышты.

Анан көпөс асылды:

– Кеп мындай болсун, байкуш мужук: мен сенин күнөөңдү кечтим, өлгөн атам тирилмек беле.

– Жо-жок, жүр азыр: сот өкүм кылган соң, көпүрөнүн үстүнөн секир мага.

– Сени өлтүрүп эмне кылам. Андан көрө жарашалы, мен сага жүз сом берейин, – деди көпөс.

Кедей жүз сомду көпөстөн санатып алып, эми кеткени жаткан кезде сот чакырды:

– Жанагы айтканыңды бер.

Кедей койнунан түйүнчөктү сууруп чыгып, чүпүрөгүн ачып, сотко көрсөттү:

– «Соттосоң соттогун, бирок муну да көрүп койгун» деп айтып турганым ушул болучу. Эгер сен мени түрмөгө кессең, мен сенин түбүңө жетет элем.

«Жакшы болуптур: мужуктун пайдасына кеспей койсом, бул мени жайлап коймок турбайбы», – деп ойлоду сот.

Кедей ошентип шаттанып ырдап, үйүнө жыргап кайтыптыр.

## ЖАПАЙЫ КАЗДАР

Илгери бир эрди-катын болуп, алардын кызы жана кичинекей уулу бар экен.

– Кызым, – дептир энеси, – биз жумушка барабыз, сен эми бөбөгүңдү жакшылап бак. Короодон эч кайда чыкпа; акылдуу болуп, биздин айтканды кылсаң – сага жоолук сатып беребиз.

Атасы менен энеси жумушка жөнөдү, кызы алардын айтканын унутуп, бөбөгүн терезенин алдындагы чөпкө отургузуп коюп, өзү көчөгө жүгүрүп чыккан бойдон ойноп калды.

Аңгыча жапайы каздар коно калып, баланы канатына мингизип, кайдадыр алып кетишти.

Кыз келип карай салса – бөбөгү жок. Кыйкырып-өкүрүп, ары-бери чуркап, эч бир таппайт.

Анын атынан чакырып, көз жашын көл кылып ыйлап, энем менен атам мени курутат деп боздоп, – ошондо да бөбөгүнөн эч дайын жок.

Анан талаага жүгүрүп чыгып, калың кара токойду ашып кеткен каздардын караанын гана көрүп калды. Бөбөгүн ошолор ала качканын кыз анык билди: жапайы каздар жаш баланы көтөрө качып жүрөт деген жаман кабар көптөн бери бар эле.

Кыз алардын соңунан чуркап жүрүп отуруп, жүрүп отуруп, акыры бир мешти көрдү.

– Меш! Ай, меш, каздар кайда учуп кеткенин айтчы?

– Менде кара буудайдын унунан бышкан токочту жесең – айтам, – деди меш.

– Мен ошол кара буудайдын токочун жеймби! Атамдын үйүндө ак буудайдын токочу да желбей турат...

Меш айтпай койду. Андан ары жүгүрүп барса – алма туруптур.

– Алма! Ай, алма, каздар кайда кеткенин айтчы?

– Менин кычкыл мөмөмдү жесең – айтам.

– Атамдын таттуу алмасы да желбей турат...

Алма айтпай койду. Кыз андан ары жүгүрүп, кисель өзөндө агып жаткан сүттүү сууну көрдү.

– Сүттүү суу, килкилдеген өзөн!.. Каздар кайда кетти?

– Менин жаман киселимди жеп, ылайлуу сүтүмдү ичсең – айтам.

– Апамдын каймагы да желбей турат...

Кыз ээн талаа, калың токойдо аркы-терки жүгүрүп көпкө жүрдү. Күн кечтеп баратат, эми эч айла жок – үйгө кетиш керек.

Бир кезде карай салса – тооктукундай кичине буттун үстүндө, жалгыз терезеси бар тейпейген үй акырын гана тегеренип турат.

Үйдүн ичинде мастан кемпир буладан жип ийрип, жанындагы супада кыздын бөбөгү бир топ алтын алма менен ойноп отурат.

Кыз үйгө кирди:

– Саламатпы, эне!

– Аман-эсенсиңби, жаш кыз! Көзгө көрүнүп эмне келдиң?

– Мен сазды аралап, ылай кечип жүрүп, кийимимди суу кылып алдым; мында жылынайын деп келдим.

– Эмесе отуруп жип ийришкин.

Мастан кемпир кызга ийигин берип, өзү сыртка чыгып кетти. Кыз жип ийрип отурса – мештин түбүнөн кичинекей чычкан жүгүрүп чыгып:

– Кыз, э кыз, мага ботко берчи, мен сага жакшылык айтам, – деди.

Кыз ботко алып берди, ошондо чычкан минтип айтты:

– Мастан кемпир мончосун жакканы кетти. Сени жууп-тазалап, анан ысык мештин ичинде чокко кактап бышырып, этиңди жейт да, сөөгүңө минип ойнойт.

Кыз же өлүү эмес, же тирүү эмес болуп ыйлай баштады; чычкан дагы минтип айтты:

– Аны күтүп отурбагын: иниңди көтөрө кач, сен үчүн жипти мен ийре турайын.

Кыз бөбөгүн көтөрө качты. Мастан кемпир терезеге улам келип:

– Кызыке, ийрип жатасыңбы? – деп сурайт.

– Ийрип жатам, энеке, – дейт чычкан.

Мастан кемпир мончону жагып даярдап, анан кызды алып барышка келди. Келсе – эч ким жок.

– Жапайы каздар, учкула тезирээк! Эжеси инисин көтөрө качып кетиптир, – деп кыйкырды кемпир.

Кыз бөбөгү менен сүт өзөнгө жетти. Караса – жапайы каздар кууп келатат.

– Өз энемдей мээримдүү өзөн, жашыр мени!

– Менин жаман киселимди жегин.

Кыз киселден жеп, ыракмат айтты. Өзөн өзүндөгү киселдин астына катып салды.

Каздар муну көрбөй учуп өтүштү.

Бөбөгүн көтөрүп дагы жөнөдү. Тигинден кайра кайткан каздар жакын келип, мына эми көрүп коё турган болду. Балакет басты! Кандай кылат?.. Аңгыча алмага жолукту.

– Энедей мээримдүү алма, каткын мени!

– Мендеги кычкыл мөмөдөн жегин.

Кыз ары-бери жеп, ыракмат айтты.

Алма бутактарын ийип, жалбырактары менен жаап калды.

Каздар көрбөй учуп кетти.

Кыз дагы жүгүрдү. Чуркап отуруп, чуркап отуруп, эми жетерине аз калганда, каздар кайра кууп келип, муну көргөндө каркылдашып, улам бири качырып, канаттары менен чапкылап, жаш бөбөктү жулуп алганы турат.

Кыз мешке жетти.

– Меш, кагылайын меш, каткын мени!

– Менин кара буудай токочумду жегин.

Кыз токочту оозуна сала коюп, өзү иниси менен кошо мештин оозуна барып тыгылды.

Жапайы каздар каркылдап учуп, ары айланып, бери айланып, акыры ошол каркылдаган бойдон кемпирге куру барышты.

Кыз мешке чоң ыракмат айтып, инисин көтөрүп үйүнө келди.

Аңгыча атасы менен энеси да келип калды.

## БАРМАКТАЙ БАЛА

Илгери бир абышка менен кемпир болуптур. Күндөрдүн биринде кемпир капуста кесип жатып, кокусунан бармагын кошо кесип алыптыр. Бармагын чүпүрөккө ороп, жыгач супанын үстүнө коёт.

Бир кезде кимдир бирөө ыйлап жатканын угат. Чүпүрөктү ачып, карай салса, ал ыйлаган бармактай кичине бала экен.

Кемпир аң-таң болуп, коркуп кетти:

– Сен кимсиң?

– Мен сенин балаңмын, сенин бармагыңдан төрөлдүм.

Кемпир баланы колуна алып, жакшылап карап көрсө – баласы эң эле тырнактай, жерден араң гана көрүнөт. Ошондуктан анын атын Бармактай бала деп койду.

Бала өсө баштады. Бирок бой жагынан эмес, жалаң акыл жагынан өсүп, чоңдордон да ашып кетти.

Бир күнү энесинен:


– Менин атам кайда? – деп сурады.

– Атаң эгин айдап жүрөт.

– Мен ага барып, жардам берем.

– Мейлиң, балам.

Бала эгин айдалып жаткан жерге келди:



– Саламатсыңбы, атаке!

Чал эки жагын каранып, аябай таң калды:

– Бул кандай укмуш! Үнүн угам, бирок көзүмө эч нерсе көрүнбөйт... Мени менен сүйлөшүп турган ким?

– Мен сенин уулуңмун. Сага жардам беришке келдим. Отуруп тамак ичип, бир аз эс алгын, атаке.

Чал өтө кубанып, отуруп тамак ичти. Бармактай бала аттын кулагына кирип алып, эгинди айдай баштап, атасына минтип айтты:

– Эгер кимдир мени сатып алам десе, тартынбастан сата бергин: коркпо, бат эле аман-эсен кайра келем.

Аңгыча атактуу чоң бай өтүп баратып, муну көрүп аң-таң болот:

– Мына кызык... ат түз басып, соко жерди тилип, кишиси жогу эмнеси! – Ат өзү эле айдай бергенин кулак угуп, көз көргөн эмес.

Анда чал айтат:

– Сен эмне, сокурсуңбу? Менин уулум айдап жүрөт.

– Ошол уулуңду сатчы мага.

– Жок, сата албайм, кемпирим экөөбүздүн кубанчыбыз да, ишенчибиз да так ушул Бармактай бала.

– Сат, абышка.

– Эмесе миң сом бергин.

– Эмне мынчалык кымбат?

– Өзүң көрүп турбайсыңбы: баланын өзү кичине, өнөрү чоң, жүгүрсө – күлүк, жумшасаң – ылдам.

Бай миң сом акчаны санап берип, баланы сатып алып, чөнтөгүнө салган бойдон үйүнө кетет.

Бала жолдо байдын чөнтөгүн тешип чыгып алып, кайра качты.

Жүрүп отуруп, жүрүп отуруп, акыры караңгы түнгө калып, жолдун жээгиндеги серейген чөптүн түбүнө түнөп, катуу уйкуга кирди.

Аңгыча ач карышкыр жетип келип, бүкүлү бойдон жутуп койду.

Бармактай бала карышкырдын курсагына кирип, өлбөй-этпей, азап да чекпей, тыптынч отуруп калды.

Анык азап карышкырга түштү: жайылып жаткан кой менен анын жанында уктап калган койчуну көрүп, акырын аңдып барар замат Бармактай бала өкүрүп-бакырып:

– Койчу, койчу! Өзүң уктап жатасың, а коюңду карышкыр жегени жатат! – деп кыйкырат.

Койчу ойгонуп кетип, карышкырды карай таягын ала жүгүрүп, анын үстүнө иттерин айдактап, иттер муну туш-туштан талап, бурт-бурт эте жүндөрү жулунуп, өзү өлдүм-талдым менен араң кутулат.

Ошентип жүрүп аябай арыктап, эми ачкадан өлмөк болгондо карышкыр ичиндеги балага жалынып-жалбарып:

– Түшсөң экен! – деди.

– Мени өз үйүмдөгү ата-энеме жеткирсең – ошондо гана түшөм.

Бөлөк эч айла жок, кыштакка жүгүрүп жетип, карышкыр түз эле абышканын үйүнө секирип кирди.

Бармактай бала ошол замат карышкырдын курсагынан секирип чыкты.

– Чапкыла, карышкырды! Өлтүргүлө, оңбогурду!

Абышка балтасын алып, кемпир темир көсөөсү менен качырып, карышкырдын мээсин чыгара чаап, терисин сыйрып, баласына тон кылып беришти.

## ТАНТЫКЕЙ КАТЫН

Илгери бир эрди-катын болуп, зайыбы ичине эч нерсени жашыра албай, бардыгын айта берчү экен. Эмне укса, аны ошол замат кыштактагылар бүт угушат.

Эри токойго барып, карышкыр түшсүн үчүн ор казып жатканда кенч таап алыптыр. «Эми канттим? – деп ойлойт ал. – Бул байлыкты угар замат зайыбым бүткүл кыштакты түтүнмө-түтүн кыдырып жүрүп жаят. Анан муну өзүбүздүн помещик угуп, – кош бол, байлык, бардыгын алып коёт».

Ойлонуп, ойлонуп, акыры айласын тапты. Олжону бөлөк орго көөмп салып, жерди белгилеп, үйүн карай басты. Сууга келип, өзү жайган торду караса, чортон балык тордо туйлап жатыптыр. Чортонду чыгарып алып, ары кетти. Коёнго салган капканын караса, ырас эле бир коён түшүп калыптыр.

Коёнду капкандан чыгарып ага чортонду кыстырып, коёндун өзүн кайра алып барып, суудагы торго түшүрүп койду.

Кечке жуук үйүнө келди:

– Кана эми Татьяна, мешти жакшылап жагып, май токочту көбүрөөк бышыр.

– Себеби кайсы? Эмнеге жарым түндө мешти жагабыз? Караңгыда токочту ким бышырат? Мунун тапканын көр!

– Каяша кылганды коюп, айтканды кылсаңчы. Билесиңби, Таня, мен кенч таап келдим, дал ушул түнү андагы акчаны бүт үйгө жеткириш керек.

Зайыбы аябай кубанып, ары-бери мешти жагып, токоч бышыра баштады.

– Ысыгында жей бергин, эрим.

Мужук токочтон бирди жеп, зайыбына билдирбестен эки-үчтү баштыгына салат, улам салат.

– Сен бүгүн эмне мынча көп жедиң? Бышырган токочум бат эле түгөнүп калып жатат.

– Жол алыс эмеспи, анын үстүнө акча да көп, ошондуктан аябай жеш керек.

Мужук баштыгына токочту толтуруп алып:

– Мен тойдум, эми өзүң жегин, жолго чыгалы, шашпасак болбойт, – деди.

Зайыбы чала-була жеген бойдон жөнөп кетишти.

Экөө караңгы түндө келатканда, эри жеткирбей кетип, баштыктагы токочтун улам бирин бутактарга иле берди.

Артта келаткан зайыбы жыгачтагы токочту көрүп:

– Ой, карачы муну, бутактарда токоч илинип турат! – деп кыйкырды.

– Илинсе эмне? Биздин алдыбызда токоч жааган булут өткөнүн байкаган жоксуңбу сен?

– Жок, байкаган эмесмин; кокус дүмүр-сүмүргө урунамбы деп, жерден көз айырбай келаткам.

– Бери басчы, – деп чакырды эри, – мен мында коёнго арнап капкан салгам, ошону көрөлү.

Капканга келип, мужук чортон балыкты чыгарып алды.

– Ой, эрим, коёндун капканына бул балык кантип түшкөн?

– Ушуну билбейсиңби, кургак жерде жүрө турган да балыктар бар.

– Ырас эле билбейт экем! Эгер өз көзүм көрбөсө, буга таптакыр ишенмек эмесмин.

Экөө сууга келди. Зайыбы айтты:

– Ушул жерге сен тор жайдың эле го... көрөлүчү.

Торду сууруп чыгышса – коён түшүп калыптыр.

Аялы алаканын шак койду:

– Ой, акебай! Бүгүн эмнегедир укмуш эле көбөйүп жатат! Торго коён түшкөнүн көр!

– Мынча эмне бажылдадың! Суу коёнду өмүр бою көрбөй койдуң беле! – деди мужук.

– Так ошол көрбөгөнүмдү айт!

Аңгыча барар жерине жетип калышты. Мужук каткан кенчин казып алып, акчаны эки чоң баштыкка жык толтуруп, үйгө кайтышты.

Жол бариндин чарбагын жандап өтөт. Булар ошол чарбакка жакын келгенде, койлор маарап: «Ме-ге-гее... ме-ге-гее...» – деп жаткан экен.

– Ой, корком! Бул эмне? – деп шыбырады аялы.

Анда эри айтты:

– Баринди албарсты басып жатат, сен эртерээк үйгө жеткин. Кокус албарсты бизди да көрүп койбосун!



Аял үйгө жеткиче чуркап, аябай энтигип, араң эс алды.

Мужик акчаны бекем катып, эми уктамак болушту.

– Бул олжо жөнүндө эч кимге оозуңан чыгарба, Татьяна, антсең жаман болот.

– Ой, эмне болгонсуң, кантип айтайын!

Эртеси төшөктөн кеч турушту.

Зайыбы мешти жагып, анан чаканы көтөрүп суугa барды. Кудукта жолуккан кошуналары:

– Бүгүн мешти мынчалык неге кеч жактың, Татьяна? – деп сурашты.

– Ой, аны айтпагыла! Түндө мен көп жол баспадымбы, уктап калыпмын.

– Караңгы түндө кайда бардың?

– Эрим кенч таап алып, так ошол акчага бардык.

Ошол эле күнү кыштакты бүт бир гана сөз аралап жүрдү: «Татьяна эри экөө кенч таап, эки баштыкка жык толгон акча алып келиптир».

Кечке жуук бул кабар барингe угулду. Мужукту тезинен келүүгө буйруду.

– Кенч таап алганыңды менден кантип жашырмаксың?

– Эч кандай кенчти көргөн да жокмун, билген да жокмун, – деди мужук.

– Айт сырыңды! – деп кыйкырды барин. – Мен бардыгын билип алдым, аны мага өзүңдүн катының айтып отурат.

– Ал ошентип тантый берет! Өмүр бою болбогон нерсени да болгондой айтат!

– Азыр көрөбүз аны!

Анан барин Татьянаны чакырттты.

– Сенин эриң кенч тапканы чын беле?

– Тапкан, барин, тапкан.

– Түндө бул экөөң акчага бардыңарбы?

– Барганбыз, барганбыз.

– Болгон ишти бүт айткын.

– Адегенде токойду аралап жүрүп отурдук, бутак сайын токоч илинип турганын көрдүк.

– Токойдо кандай токоч ал?

– Токочтуу булуттан түшкөн!.. Анан коёндун капканын карасак – чортон балык түшүптүр. Чортонду чыгарып алып, андан ары жөнөдүк. Сууга жетип, торду чыгарсак – коён кошо чыкты. Аны да алдык. Сууга жакын жерде менин эрим кенчти казып, акчаны эки баштыкка жык толтуруп кайра кайттык. Так ушул сиздин чарбагыңызды жандап өтүп бараткан кезибизде, сизди албарсты басып жаткан болчу.

Акыры барин чыдабай кетип, буту менен жер тепкилеп:

– Жогол мындан, макоо катын! – деди.

– Мына, көрдүңүзбү, менин катыныма эч качан ишенүүгө болбойт, – деп мужук айтты.

– Чын экен сеники, чын экен, бар эми үйүңө! – деп барин колун тескери шилтеди.

Ошентип мужук үйүнө кайтып, өзүнчө күнүн көрүп, баринди шылдыңдап күлүп, ушул убакка чейин тирүү жүрөт дейт.

## ЧОРТОНДУН БУЙРУГУ БОЮНЧА

Кайдадыр бир чал жашап, анын үч уулу бар экен: экөө акылдуу, үчүнчүсү – акмак Емеля.

Берки эки агасы иштейт, ал эми Емеля болсо күн бою мештин үстүндө бекер жатып, эч нерсени тоотуп да койгусу келбейт.

Бир жолу агалары базарга кетип, үйдөгү катын-калач, келин-кесектер Емеляны жумшай башташты:

– Емеля, суу алып келчи.

А бул мештин үстүнөн:

– Баргым келбейт, – дейт.

– Баргын, Емеля, антпесең агаларың базардан келгенде, сага базарлык бербей коюшат.

– Эмесе болуптур.

Емеля мештен түшүп, бутун чокоюна салып, кийимин кийип, колуна эки чака жана балтаны алып, сууну карай кетти.

Музду оюп, чакаларына суу сузуп, аларды жанына коюп, өзү муздагы оюкту карады. Сууда чортон балык туруптур. Емеля кандайдыр эптүү боло калып, балыкты кармап алды:

– Мына таттуу сорпо!

Аңгыча чортон дал эле кишиче сүйлөп жиберди:

– Емеля, мени суугa кайрадан коё бергин, сага керегим тиет.

А Емеля күлүп шылдың кылат:

– Мага эмне керегиң тиймек эле?.. Жок, мен сени үйгө алып барам; жеңелериме сорпо кайнаттырам. Таттуу сорпо болосуң.

Чортон дагы жалынып-жалбарды:

– Емеля, Емеля, сен мени суугa коё бергин, эмне каалasaң ошонун баарын кылам.

– Болуптур. Бирок мени алдабаганыңы азыртадан ачык көрсөт, анан коё берем.

– Айт, Емеля, азыр эмнени каалайсың?

– Чакалар үйгө өздөрү барсын, ичиндеги суу чайпалып төгүлбөсүн.

Анда чортон айтат:

– Эсиңе бекем түйүп алгын, качан эмнени каалайсың – бул сөздү сүйлө:

– Чортондун буйругу боюнча,

Менин каалаганым орунда:

Емеля муну кайталап:

– Чортондун буйругу боюнча,

Менин каалаганым орунда:

– Үйдү карай өзүңөр жөнөгүлө, чакалар, – деди.

Бул сөз айтылар замат чакалар бийикти карай өздөрү эле жөнөп кетти. Емеля чортонду суугa коё берип, чакалардын соңунан басты.

Эки чака кыштакты аралап киргенде, элдин баары аң-таң болуп, артында келаткан Емеля ыракаттана күлүп... акыры чакалар үйгө өздөрү кирип, жыгач супанын үстүндө туруп калышты; Емеля мешке кайрадан барып жатты.

Арадан аз убак өттүбү, көп убак өттүбү – жеңелери дагы минтти:

– Емеля, сен эмне жатасың! Эшиктен отун жарсаң боло.

– Жаргым келбейт...

– Отун жарбасаң – агаларың базардан кайтканда, сага эч нерсе бербей коёт.

Емеля мештен илең-салаң жерге түшүп, бирок ошондо чортонду эстеп, акырын гана минтип айтты:

– Чортондун буйругу боюнча,

Менин каалаганым орунда:

– Баргын, балта, отунду жар... ал эми, отун, үйгө өзүң кирип, мештин ичинде жатып калгын.

Балта супанын астынан өзү эле суурулуп чыгып, эшикти карай ыргып, отунду шакылдата жарып жиберди; отун үйгө өзү кирип, мештин ичинде жатып калды.

Ошентип аз убак өттүбү, көп убак өттүбү – жеңелери дагы минтти:

– Емеля, отун таптакыр түгөндү. Токойго барып, жыгач алып кел.

Емеля меште жаткан жеринен:

– А силер эмне кыласыңар? – деди.

– Биз эмне кылмак элек?.. Токойдогу отунга барыш биздин ишибизби?

– Баргым келбейт...

– Эмесе сага базардык тийбейт.

Белек эч айла жок, Емеля мештен түшүп, кийинип, жип жана балтасын алып, короодогу чанага барып отурду:

– Катындар, ачкыла дарбазаны!

Анда жеңелери айтат:

– Сен эмне болгонсуң жинди? Ат чекпей эле чанаага отуруп алганың кандай?

– Аттын мага кереги жок.

Жеңелери дарбазаны ачты; Емеля акырын гана сүйлөп:

– Чортондун буйругу боюнча,

Менин каалаганым орунда:

Токойду карай жөнөгүн, чана, – деди.

Чана дарбазадан өзү эле өтүп, ошончолук катуу жөнөгөндө, ат да кууп жетпес болуп калды.

Токойго Емеля шаарды аралап, анан бармак; мында бул далай кишини жыга коюп, далайын тепсетип кетти. Эл ошондо: «Карма муну? Кармагыла!» – деп кыйкырып, бирок бул ага карайбы: чанасын айдаган бойдон токойго келди.

– Чортондун буйругу боюнча,

Менин каалаганым орунда:

– Балта, сен, кургагыраак отунду кес; отун, сен, чанага өзүң түшкүн, өзүң байлан.

Балта отундун кургагын кесип, шака-шук жарып, отун чанага өзү түшүп, өзү байланды. Анан Емеля балтага буйруп, киши араң көтөрө турган чочмор кестирип алды. Чанага отурар замат:

– Чортондун буйругу боюнча,

Менин каалаганым орунда:

– Үйдү карай жөнөгүн, чана! – деди.

Чана ызгыган бойдон жолго түштү. Баягы шаарды дагы аралап өтүшкө туура келип, мурда далайы жыгылып, далайы тепселип калган эл эми чогулуп алып,

күтүп турушкан экен. Емеляны чанадан жыга тартып, тилдеп, ура баштаашты.

Иш жаман жагына айланганын көрүп, Емеля минтип шыбырады:

– Чортондун буйругу боюнча,
Менин каалаганым орунда:
– Кана, чоң чочмор, булардын кабыргасын сындыр.

Чочмор ыргып келип, ургулай баштаганда элдин баары туш-тушка качып, Емеля чанасы менен үйүнө жетип, мештин үстүнө кайрадан жатты.

Бул кабар акыры падышага угулуп, Емеляны таап, ак сарайга айдап келиш үчүн офицерин жиберет.

Офицер так ошол кыштакка барып, Емеля турган үйгө кирип:

– Макоо Емеля сенсиңби? – деп сурайт.

– Менде эмне ишиң бар? – дейт Емеля, мештин үстүнөн.

– Ылдам кийин, сени падышага алып барам.

– Падышага баргым келбейт...

Офицер катуу ачууланып, жаакка чаап жиберди.

Анда Емеля минтип шыбырайт:

– Чортондун буйругу боюнча,
Менин каалаганым орунда:
– Чочмор, мунун кабыргасын сындыр.

Чочмор ыргып чыгып, койгулай баштаганда, офицер өлүп-талып араң качып кутулду.

Жиберген офицери Емеляга алы жетпей, кайра келгени үчүн падыша өтө таң калып, анан өз колундагы эң чоң төрөнү жөнөтмөк болду:

– Сен барып, акмак Емеляны менин ак сарайыма тезинен айдап кел, антпесең – башыңды кесем, – деди буга.

Чоң төрө мейиз, өрүк, таттуу токочторду аябай сатып алып, кыштакка келип, Емеля турган үйгө кирип, мунун эң жакшы көргөн нерсеси эмне экенин жеңелеринен сурай баштады.

– Биздин Емелядан ушундай кылсаң экен деп, жылуу-жумшак өтүнүп айтсаң, ага кошуп кыпкызыл шым кийгизсең, анда бул айтканыңды бүт орундайт, – дешти жеңелер.

Чоң төрө Емеляга мейиз, өрүк жана таттуу токочторду берип:

– Емеля, ай, Емеля, мештин үстүндө эмне жатасың сен? Жүр падышага, – деди.

– Мен ушул жерде да жылуу жатам...

– Емеля, Емеля, падыша сага эң. сонун тамактарды берет, ичирет... жүр, баралы!

– Баргым келбейт...

– Емеля, падыша сага кыпкызыл шым кийгизет, шапке жана өтүк берет.

Емеля, ойлонуп туруп-туруп, анан:

– Болуптур, сен алдыга бас, мен артыңан барам, – деди.

Чоң төрө жөнөп кетти, Емеля дагы бир аз жаткандан кийин:

– Чортондун буйругу боюнча,
Менин каалаганым орунда:
– Кана эми, меш, падышаны карай жөнө, – деди.

Ошондо жыгач үйдүн бурчтары кычырай баштап, төбөсү ордунан козголуп, дубалдары бөлүнүп, меш көчөнү аралай жылып, чоң жолго түшүп, түз эле падышага жөнөдү.

Падыша терезеден карап, аң-таң болуп:

– Бул кандай укмуш? – деп сурады.

– Баякы Емеля сага ушул мешине минип келатат, – деди төрө.

Падыша секиге чыкты:

– Сенин үстүңдөн арызданганыдар көбөйүп кетти, Емеля. Сен далай кишини тепсеп салыпсың.

– Алар эмне үчүн чананын алдына киришет?

Ошол кезде падышанын сулуу кызы Марья буларды терезеден карап турган экен. Емеля аны көрүп, акырын сүйлөп:

– Чортондун буйругу боюнча,

Менин каалаганым орунда:

– Падышанын кызы мага ашык болуп калсын, – деди.

Андан кийин минтип айтты:

– Меш, эми үйгө жөнө...

Меш кайра кайрылып, жөнөп кетти; үйгө кирип, мурунку ордуна туруп, Емеля дагы баягыдай жатып калды.

Ал эми падышанын ак сарайын ызы-чуу, өкүрүп ыйлоо каптап, сулуу Марья Емельяны аябай сагынып, ансыз туралбас болуп, мени ошого күйөөгө бер деп, атасын кыйнай баштады. Падыша эмне кыларын билбей айласы кетип, акыры баякы эле эң чоң төрөгө минтип айтты:

– Емеляны же тирүү алып кел, же өлтүрүп алып кел, антпесең – башыңды кесем.

Төрө бул жолу таттуу винолор жана бир аз тамак-аш сатып алып, кыштактагы үйүнө жетер замат Емеляны ичирип-жедире баштады.

Емеля тамакка тоюп, ичкиликти аябай ичип, мас болуп уктагандан кийин, төрө аны арабага салып, падышанын алдына келди.

Падыша ошол замат темир курчалган чоң челекти тоголоттуруп келип, Емеля менен Марья кызды челектин ичине кийирип, оозун бекиттирип, кара майды калың шыбап, деңизге таштатып жиберди.

Арадан аз убак өттүбү, көп убак өттүбү – бир кезде Емеля көзүн ачса – капкараңгы, тар жерде жатат:

– Мен кайдамын?

– Эң эле кыйын болду, Емелюшка. Бизди челекке салып көк деңизге таштап жиберишкен, – деди кимдир бирөө.

– А сен кимсиң?

– Мен Марья кыз.

Анда Емеля минтип айтат:

– Чортондун буйругу боюнча,

Менин каалаганым орунда:

– Катуу шамал, бул челекти кургак жээкке кууп барып, сары кумга чыгарып сал.

Катуу шамал бат эле козголуп, деңиз толкуй баштап, челекти кургак жээктеги сары кумга чыгарып салды. Емеля менен Марья кыз бочкадан бошонуп алышты.

– Емелюшка, биз эми кайда жашайбыз? Эптеп бир үй тургузсаң боло.

– Тургузгум келбейт...

Бирок кыз жалынып-жалбарып, акыры Емеля:

– Чортондун буйругу боюнча,

Менин каалаганым орунда:

– Так ушул жерде алтын чатырдуу таш сарай туруп калсын, – деди.

Муну айтар замат алтын чатырдуу таш сарай көтөрүлүп чыга келип, көк-жашыл дарактар орноп, куштар сайрап, гүлдөр жайнап калды. Емеля менен Марья кыз алтын сарайдын ичине кирип, терезеге отурушту.

– Емелюшка, сен эми сулуу жигит болуп алсаң кантет?

Емеля муну анчалык көп ойлонгон жок:

– Чортондун буйругу боюнча,

Менин каалаганым орунда:

– Мен азыр чын азамат, анык сулуу болоюн, – деди.

Эми Емеля кандай сонун жигит болгонун айтышка сөз жетпейт, жазышка калем түтпөйт.

Ошондо падыша кийиктеп чыгып, мурда эч нерсе жок ээн талаага алтын сарай туруп калганын көрдү:

– Менден уруксатсыз, менин жериме алтын сарай тургузган бул кандай акмак?

Анан анын ким экенин билип келиш үчүн киши жиберди.

Булар бат эле жетип, терезенин алдына тура калып, жөн-жай сурашты.

– Падыша меникине конокко келсин, мен ага өзүм айтам, – деди Емеля.

Падыша конокко келди. Емеля астынан тосуп чыгып, алтын сарайдын ичине кийирип дасторконго отургузду. Өздөрүнчө жыргап-куунап, падыша ичип-жеп, таң калып, тамшанып отурат.

– Сен кимсиң, азамат?

– Баягы акмак Емеля эсиңде барбы? Сага мешке минип келип, кийин сен кызың менен кошо челекке салдырып, кара майды калың шыбап, деңизге таштатып жибербедиң беле. Ошол Емеля мен эмесминби. Эгер кааласам – сенин бийлигиңдеги жерди бүт өрттөп, күлүн көккө сапырам.

Падыша катуу коркуп, кечирим сурады:

– Кызымды алгын, Емелюшка, падышалыгымды кошо ээлегин, өзүмдү гана жөн кой!

Ошондо бүткүл дүйнөнү дүңгүрөтө той беришти. Емеля Марья кызга үйлөнүп, бардыгын бийлеп, падыша болуп калды.

Ушуну менен жомок аяктайт, ким укса – ал азамат!

## МУЖУК МЕНЕН ПАДЫША

Илгери бир падыша болуп, анын жарык дүйнөдө эң эле жакшы көргөнү – жомок угуу экен. Жомокко тойбой, улам эле жаңысын эңсейт. Ак сарайдын өзүндө турган жомокчулардын баары билген жомогун айтып бүтүп, нечен жолу кайталап, эми алар падышанын көңүлүнө жакпай калган. Акыры падыша мына минтип жар чакыртты:

– Кимде-ким мен укпаган жомокту айтып берсе, ага мен кызымды жана жарым падышалыгымды бөлүп берем.

Буга жетүүнү эңсегендер эң көп болду. Князьдар да, боярлар да, генералдар да, көпөстөр да чыны менен аракет кылышып, бирок эч нерсе чыкпай койду. Кимиси жомогун баштаса эле, падыша колун тескери шилтеп:

– Билем, билем бул жомокту!.. Капкачан уккам! – деп кыйкырат.

Ошону менен иш бүтүп, үмүткер күйөөнү үйдөн алыс кууп жиберишет.

Ошол падышага караштуу элдин ичинде жалаң кыйноодо болуп, өз жанын араң эле баккан кедей мужук бар экен. Анын үйү да жок, үрүп чыгар ити да жок.

Туш келген жерде күнүн көрүп, оозуна эмне тийсе, ошону жейт. Кээде чала-була тоюп алган, кээде таптакыр ачка калган.

Күндөрдүн биринде ал байкуш жылынып жана жарым стакан арак ичиш үчүн кабакка кирди. Арак саткыч муну шылдың кылып мындай деди:

– Эмне үчүн падышага барып жомок айтпайсың? Падышанын кызы сени карай берип көзү талыган чыгар: сендей күйөөнү күтө-күтө тажагандыр?

Кедей байкуш тигинин шылдыңын угуп, өз ичинен минтип ойлоду: «Ырас эле барып көрөйүн... Падышанын кызын алмак кайда, бирок эки-үч күнү даяр тамакты тойгончо ичсем – мен үчүн ошол олжо».

Ошентип ак сарайга келди.

– Эмне келдиң, мужук? – деп сурады падыша.

– Урматтуу улуу падышам, сага жомок айтып берсем дейм. Бирок оболу мени жедирип-ичирип алгын.

Падыша мунун кейпине карап, бырс күлүп койду: «Күйөө болбосоң коё кал! Көйнөгүндө кырк жамак, чокоюнда жоон жип».

Бирок тескери сөз айткан жок.

Мужукту жедирип-ичиргенден кийин падыша өзүнө жакын кадырлуу кишилердин бардыгын чогултуп, анан бул азаматка карап:

– Айта бер жомогуңду, – деди.

– Менин маркум атам ушул өлкөдөгү элдин эң бай кишиси экен, – деп баштады мужук. – Анын салган алтын сарайлары ушунчалык бийик болуп, төбөсүндө жүргөн көгүчкөндөр асмандагы жылдызды чокуп ойногон дешет. Мына бийик сарайлар! Ал эми короонун

кеңдигине келсек – жайдын толугундагы узун күндө түз учкан көгүчкөн бир четинен экинчи четине жетчү эмес дешет...

Падыша унчукпай отурат, ошондуктан беркилер да эч унчукпайт. Мужук эми минтип айтты:

– Калганын эртең сүйлөйүн, аңгыча токочко тоюп, ак нанды аябай жейин...

Ошону менен кечки тамагын ичиш үчүн ашканага кирди.

Эртеси кечке жуук жомогун дагы баштады:

– Атамдын дал ошол короосунда жети жашка чыккан бука турчу экен. Анын эки мүйүзүндө отурган эки койчу чоор тартып, сурнай чалып, ыр ырдап, бирок бирин бири эч көрө албайт, үнүн да укпайт. Атамдын букасынын чоңдугу мына!..

Падыша сөздү бөлбөй тынч отурат, ошондуктан беркилер да унчукпайт. А жомокчу болсо ордунан туруп:

– Калганын эртең айтам, азыр уктаар убагым жетти, – деди.

Ошону менен ашканага дагы кетти.

Падыша минтип айтты:

– Эми кандай кылабыз, боярлар? Мындай жомокту мен укпаганым чын, бирок чокойчон мужукка өз кызымды бергим келбейт. Бул жомокчуну эптеп алдоо жолун тапкылачы.

Князь жана боярдын баары ой ойлоп калышты. Ары ойлоп, бери, ойлоп отуруп, акыры муну табышты:

– Таксыр падыша, сен буга мындай жомокту уккам дегин, а биз күбө болобуз: «Билебиз, муну биз да уккан-



быз» – дейбиз. Ал сөзүңүз абдан бекем болсун үчүн кагазга тактап жаздырып салыңыз, кагаздын аягына биз баарыбыз кол коёбуз.

Кеп ушуга токтолду.

Мужук булардын сөзүн угуп калып, бирок сыр билдирген жок. Эртеси түштөн кийин баякы эле калыбында дагы келип, жайланып отуруп, жомогун улантты:

– Маркум атамдын укмуштай күлүк бээси болуп, ал үч күндүн ичинде жерди бүт айлана чуркап, күн сайын үч жолу кулун туучу экен.

Князьдар менен боярлар падышаны карашып, анан өздөрүнчө күлүп коюп, жер тиктешет, а жомокчу болсо өз жомогун уланта берди:

– Алтын менен күмүш атамдын кампасында жык толуп турчу экен. Ошол кезде сен да, таксыр падышам, бизден бир сандык алтынды карыз алып, ушул убакка чейин бербей жүрүпсүң...

Падыша эми кыйкырып:

– Билем муну, билем! – деди.

Князь жана боярлар кошо чуулдашып:

– Биз билебиз, бул жомокту баарыбыз уккан быз, чындыгы үчүн кол коюп беришке даярбыз, – дешти.

Ошентип, орундарынан ыргып турушуп, жазылган кагаздын аягына кол коюшту. Качан кагаз колуна тийгенде, жомокчу мужук минтип айтты:

– Эгер уккан жана билген болсоңор, анын үстүнө кагазга чындап кол койсоңор, урматтуу улуу падышам, карызыңды төлөй салгын.

Падыша өзү алдатканын эми түшүнүп:

– Чокойчон мужук мени ырас гана алдаган экен! – деди.

Бөлөк эч айла жок: калем менен жазганды балта кеспейт. Сандык толо алтын салып беришке туура келди.

Мужук алтын акчаны аябай алып, өзүнчө өмүр сүрүп, падышаны шылдыңдап күлүп, азыр да жүрөт дешет.



# УКРИАН ЭЛ ЖОМОКТОРУ

## ЧОЛОК ӨРДӨК

Бар экен, жок экен, кайдадыр бир абышка-кемпир болуп, алар эч бала көрбөптүр. Күндөрдүн биринде абышка айтат:

– Жүр, кемпир, токойго барып козу карын терели!

Булар токойго барышты. Кемпир бадалдын түбүндөгү уяда отурган өрдөктү көрдү:

– Тиги өрдөктү карачы, абышка!

– Үйгө алып кетип, багып алалы, – деди берки.

Өрдөктү уясынан алып караса – буту аксак экен. Аны уясы менен кошо көтөрүп, үйүнө алып келишти. Уяны үйгө коюп, өздөрү козу карын теришке дагы кетишти.

Булар кечке жуук үйүнө келишсе – укмуш: үйдүн ичи сонун жыйналып, наны бышып, тамагы даяр.

Бул экөө коңшусуна барып:

– Үйдүн ичин ким жыйыштырды, нанды ким жапты, тамакты ким бышырды? – дешти.

Эч ким билбейт.

Эртеси абышка менен кемпир козу карынга дагы кетишти. Кечинде үйгө келишсе – дагы баягыдай: бардыгы жыйылып, чүчпара бышып калыптыр.

Коңшуларына барып, дагы сурашты.

– Биздин үйдөн эч кимди көрө албадыңарбы?

Ошондо бир коңшу аял айтты:

– Суу алып келген кызды көрдүк. Өзү сулуу, бирок азыраак гана сылтып басат.

Абышка менен кемпир ойлоп-ойлоп, анын ким экенин биле алышпады.

Акыры кемпир айтат:

– Козу карын теришке барабыз дейли да, өзүбүз жашырынып калалы. Мына ошентип, үйдү ким жыйнаштырып жүргөнүн байкайлы.

Абышка макул болду. Бир күнү булар жашырынып калышты. Карап турушса – үйдөн апкеч көтөргөн кыз чыга калат. Ырас эле өңү сулуу, бирок азыраак гана аксагы бар. Кыз кудукту карай жөнөгөндө, абышка менен кемпир үйгө кириштi. Карашса – уядагы өрдөк жок, жалаң пыры жатат. Уяны мешке таштап өрттөп жиберишти.

Бир мезгилде кыз суу алып келип, абышка менен кемпирди көрөр замат уяга умтулду. А уясы ордунда жок. Эми кыз ыйлай баштады.

Абышка менен кемпир кызды сооротуп:

– Кагылайын, сен ыйлаба, бизге кыз бол, сени өз кызыбыздан артык көрүп багабыз, – дешти.

Анда кыз айтат:

– Эгер силер уяны өрттөбөсөңөр жана менин ким экенимди аңдып туруп көрүп албасаңар, анда мен силердикинде түбөлүк турмакмын. Эми турбайм! Абышка, сен мага жип ийиргич чарык менен ийик жасап бер! – дейт.

Абышка-кемпир аябай ыйлап, жалынып-жалбарышты.

– Жок, болду, ишенбедиңер, артымдан аңдыдыңар, эми кетем, мындан, – дейт кыз.

Акыры абышка жип ийиргич чарык жана ийик жасап берди. Кыз короодо жип ийрип отуруп калды. Аңгыча жоон топ өрдөк учуп баратты. Алар кызды көрүп какылдашты:

Мына, биздин кызыбыз.
Мына, биздин селкибиз.
Үй жанында отурат,
Бизди карай көз салат.
Чарк айланат чарыгы,
Тегеренет ийиги.
Бирден канат берели,
Учуруп алып өзүбүз
Бараткан жакка жөнөйлү.

Анда кыз минтип айтат:

Силер менен учпаймын:
Көлчүккө келип конгондо,
Бутум кокус болгондо.
Силер мага карабай,
Баарың жалгыз таштадың.

Өрдөктөр бирден канат таштап, нары карап учуп кетишти. Анан жоон топ өрдөк дагы учуп өттү. Алар да кызды көргөндө какылдашты:

Мына, биздин кызыбыз,
Мына, биздин селкибиз.

Жанында үйдүн отурат,
Бизге карай көз салат.
Чарк айланат чарыгы,
Тегеренет ийиги.
Бирден канат берели,
Учуруп алып өзүбүз
Бараткан жакка жөнөйлү.

Анда кыз минтип айтат:

Силер менен учпаймын:
Көлчүккө келип конгондо,
Бутум кокус болгондо,
Силер мага карабай,
Баарың жалгыз таштадың.

Булар да бирден канат таштады. Анан үчүнчү топ учуп өтүп, кызды көрүп какылдашты:

Мына, биздин кызыбыз,
Мына, биздин селкибиз.
Үй жанында отурат,
Бизди карай көз салат.
Чарк айланат чарыгы,
Тегеренет ийиги.
Бирден канат берели,
Учуруп алып өзүбүз
Бараткан жакка жөнөйлү.

Булар да бирден канат таштады.

Ийик ийрип отурган кыз ошол замат өрдөк болуп учуп кетти.

## СЕРКО

Бир кишинин Серко деген дөбөтү болуптур, ал өтө картаң экен. Ээси бир күнү аны короосунан кууп жиберет. Серко талаада каңгып жүрүп, өтө капаланат: «Нечен жыл кожоюнума кызмат кылдым, мал-мүлкүн кайтардым, эми мен минтип картайган чагымда, менден бир сындырым нанын аяп, короосунан кууп жиберди». Ал каңгып жүрүп, ушундай деп ойлойт. Бир мезгилде буга карышкыр кезигет; дөбөттүн жанына келип:

– Сен эмне кылып сандалып жүрөсүң? – деп сурайт.

– Кожоюнум кууп жиберди, ошондуктан сандалып калдым, – деп Серко ага жооп берди.

Анда карышкыр айтат:

– Кожоюнуң, сени кайра ала тургандай кылайынбы?

Серко кубанып:

– Ошентчи, айланайын! Кылган жакшылыгыңа алкыш айтам, – дейт.

– Эмесе угуп тур. Кожоюнуң орок орууга чыгары менен, байбиче баласын бадалдын түбүнө алпарып коёт. Баланын жаткан жери мага белгилүү болсун үчүн, сен ошол жерде жүр. Мен баланы ала качам, а сен артымдан кууп, мени менен талаша кет. Ошондо мен корккон болуп, баланы таштай качайын.



Күндөрдүн биринде кожоюндар талаага орок орууга чыгышты. Байбиче баласын бадалдын түбүнө алпарып койду да, өзү эч нерседен кабарсыз орок оро берди. Кайдандыр бир карышкыр чыга келди. Баланы тиштеп алып, талааны көздөй ала качты.

Серко карышкырдын артынан кууп кетти. Кожоюну тамагы айрылганча кыйкырып жатат:

– Айдак, айдак, Серко!

Серко карышкырды кууп жетип, баланы алып калат. Аны тиштеген бойдон кожоюндун алдына келет. Кожоюну баштыгын ачып, нан менен бир кесек майды итке берет:

– Жей кой, Серко! Муну мен сага, баламды карышкырдан куткарганың үчүн берип жатам, – дейт.

Кечинде талаадан кайтканда Серкону кошо ала кетишет. Үйгө келгенде, кожоюн аялына айтат:

– Боорсокту көбүрөөк бышыр... майды аяба, катын!

Боорсок бышкандан кийин, кожоюн Серкону столго отургузду. Өзү анын жанына келип отурду.

Аялы боорсокту столго алып келип койду. Кожоюн бир табакка толтуруп андан салды. Серко оозун күйдүрүп албасын деп, аны үйлөп суутуп жатты.

Ошондо Серко: «Менин мындай болушума карышкыр себеп болду, кантсем да ага бир жакшылык көрсөтүшүм керек», – деп ойлоп отурду.

Күндөрдүн биринде кожоюн улуу кызын күйөөгө бермекчи болду. Серко талаага чыгып, андан карышкырды таап алып:

– Жекшемби күнү кечинде биздин чарбакка кел. Мен сени үйгө кийирип, жакшылыгыңа жакшылык кылайын, – дейт.

Күтүп жүрүп, карышкыр жекшемби күнү Серко айткан жерге келди. Дал ошол күнү той болуп жаткан эле. Серко карышкырды үйгө кийирип, столдун алдына жашырды. Өзү столдон бир стакан арак жана чоң кесек эт алып, карышкырдын алдына койду. Меймандардын ачуусу келип, дөбөттү урмакчы болушту. Кожоюну арачалап:

– Серкону урбагыла! Бул мага жакшылык кылды, мен да буга өлөр-өлгөнчө жакшылык кылам, – дейт.

Серко болсо, столдогу эң майлуу эттерди карышкырга алып келип берет. Жеп-ичип, тоюп алгандан кийин, карышкырдын көңүлү көтөрүлүп:

– Мен эми ырдайм, – дейт.

Серко чочуп кетти:

– Ырдаба, бекер өзүңө жаман болот. Андан көрөкчө, мен сага дагы арак берейин, унчукпай отура бер. Өзүңө-өзүң ырайым кыл.

Карышкыр арактан дагы ичти:

– Мына эми мен ырдаймын, – деди да, улуп коё берди... Меймандар орундарынан ыргып тура калышып, аяк-быягын караштьы. Карашса – столдун алдында карышкыр отурат. Кээ бирөөлөрү корккондугунан качып кетишти. Кээ бирөөлөрү карышкырды урмакчы болушту. Серко аны муунта турган немедей, карышкырдын үстүнө барып жатып калды.

– Карышкырды урбагыла, кокус Серкону да өлтүрүп коёсуңар. Ал өзү дале карышкырдын жазасын берет – тийбегиле! – деп кожоюну кыйкырып жатты.

Серко карышкырды аман-эсен талаага алып чыгып:

– Сен мага жакшылык кылдың эле, мен да сага жакшылык кылдым, – деди.

Ошентип, бул экөө бир-бири менен достошуп, коштошот.



## ХВЕСЬКА [1]

Дүйнөдө оозу бош киши менен жашоо эң кыйын.

Илгери бир эрди-катын болуптур: эринин аты Петро, зайыбынын аты Хвеська экен. Хвеськанын өзү түзүк эле аял, бирок бир гана жаман жери – эри эмне айтса, аны башка бирөөгө жеткире салат. Петро жакшы да, жаман да айтып, аялына эч таасир кыла албады.

Бир күнү Петро кош айдап жүрүп, кутусу менен алтын таап алды. Ал убакта кулдук доордун жүрүп турган кези эле. Мужуктар помещиктерге кул эсебинде иштөөчү.

Петро жатып алып ойлоду: «Азыр азаттыкты сатып алууга мүмкүндүк бар, бирок муну бурмистрге билдирбөө керек, билсе тартып алат. Хвеськадан качып кутулууга болбойт, бул турганда бурмистрдин билери да бышык, анткени, Хвеська эртең эле бүтүн кыштакка жаят, эми эмне кылуу керек?»

Ойлоп, ойлоп, акыры мындай ойго келди: «Хвеськаны келжиребей турган кылайын», – деди. Таап алган акчаны үйүнө жеткирип, бир жерге бекем катып зайыбына эчтеке айткан жок. Эртеси базарга барып, бир байлам тегерек токоч менен коён сатып алды. Үйү-

[1] Эскертүү: муну орус жомокторундагы «Тантыкей катын» менен салыштырып окугула.

нө келатып, жолдо суудагы торго кайрылды. Андагы түшкөн балыктарды алып, торго коёнду салып койду. Балыкты токойго алып барып, бадалдын түптөрүнө бирден-экиден таштады. Токочту токойдун четинде турган бир түп алмуруттун бутактарына асып койду. Үйүнө келип, зайыбы экөө тамак ичип болгондон кийин, Петро мындай деди:

– Токойго барсак кантет, катын? – Мүмкүн, анда балыктар бардыр, эгер болсо, кечки тамакка ала келебиз.

Анда аялы айтат:

– Сен эмне, Петро, жинди болгонсуңбу? Токойдо да балык болчу беле?

– Мына көрөсүң го: болот, бүгүн жел жок, токой тынч, көп балык алып келебиз. Жүр, кеттик, катын.

Хвеська ишенбесе да эри менен бирге токойго келди. Келсе, бул бадалдын түбүндө, тиги бадалдын түбүндө жайнаган балык жатат.

– Көрдүңбү, Хвеська, мен сага калп айткан бекем? – деди Петро.

– Бул анык укмуш! Ушул жашка келип, мен мындай укмушту көрө элек элем.

– Жүр эми, суугa баралы... торго коён түштү бекен, ошону көрөлү.

– Кайдагы жокту айтпачы! Тор менен да коёнду кармайбы?

– Эмесе токойдо балык болчу беле? Бирок азыр болуп отурганын өзүң көрдүн! Жүр, кеттик.

Булар токойдун четине келишти. Караса, алмуруттун бутактарына тегерек нандар асылып калыптыр. Хвеська кыйкырып жиберди:

– Кокуй, Петро, тигини карачы – алмурутта токоч илинип турат!

– Көрүп турам. Эмне экен?

– Мынакей укмуш! Алмурутта токоч бышчу беле?

– Мунуң ырас. Сыягы, токойду токоч жаачу булут каптаган бейм, ошондо токойго токоч илинип кала берген окшойт.

– Эмесе муну тез кагалы!

Тегерек токочторду кагып алышып, булар суунун боюна келишти. Петро торлордун бирин тартып көрсө, анда эчтеме жок экен; экинчисин тартып, дагы эчтеме жок. Үчүнчүсүн тартты эле, андан бир коён чыга келди.

– Ой, тобо, бул эмне шумдук: торго балык эмес, коён түшүптүр. Ушунча жашка келип, мындай шумдукту көрө элек элем.

– Анын эмнеси бар! Мурун көрбөсөң эми көрдүң. Жүр, үйгө кетели, кеч кирип калды.

Тапкан-ташыгандарын жыйнаштырып, үйүнө келишти. Келери менен зайыбы айтат:

– Ушундай да укмуш болот экен-э! Өмүрү мындай болчу эмес: токойдо – балык, сууда – коён, жыгачта – токоч!..

– Бул али укмуш эмес. Мен бүгүн акча таап алдым. Укмуш деп мына ушуну айтыш керек, – деди эри.

– Койчу!

– Чын эле, таап алдым!

– Кана, көрсөтчү эмесе?

– Мына, – деп акчаны жанынан сууруп алды.

– Мына эми, Петро, азаттыкты мырзалардан сатып алабыз.

– Мунуң туура, бирок бурмистр билип калса, бардыгын тартып алып коёт, – дейт Петро.

– Койчу, ал кайдан билсин? Мен эч кимге айтпайм, – деп Хвеська сүйлөдү.

– Ошент, эч кимге айтпа, өзүбүзгө жаман болот! Биз бүгүн токой менен суула эмнени көрдүк – муну да эч кимге айтпагын. Айтсаң – иш бүттү: ушундай укмуш күн болгонун эл укса, биздин тапкан олжолор жөнүндө билип коюшу мүмкүн. Анткени, так ушул укмуштуу күндөрдө гана жерде жаткан байлыктар табылып чыга келет.

Мына ошентип, Петро тамашалап айтса, Хвеська чын көрүп:

– Макул, мен эч качан, эч кимге айтпайм, – дейт.

Бир күнү кечинде кыштакта ызы-чуу көтөрүлдү.

– Бул эмне болду экен, Петро? – дейт Хвеська.

– Ким билсин аны!

– Мен барып, карайынчы!

– Барба! Жаман кепти угуп эмне кыласың?..


Анда Хвеська сүйлөйт:

– Айтчы, кагылайын, Петро: деги бул эмне болгон ызы-чуу?

– Мырза бурмистр поптун колбасасын уурдап алыптыр, эми башкаларга өрнөк көрсөтүш үчүн көчөмө-көчө кыдыртып, ошол колбаса менен бурмистрди сабап жүрүшөт.

Муну да Петро тамашалап айтты. Хвеська чын эле ишенип, бирөөгө тезинен жеткирүүгө шашып отурду.

– Баса!.. Киндик энем Меланьяга чуркап барып, айтып келе коёюнчу!



– Кокуй, барба, андан көрө үйдө отур. Же биздин бурмистрдин мүнөзүн билбейсиңби? Ал сенин айтканыңды сезип койсо – сага да, мага да күн жок, – деди Петро.

Хвеська эринин айтканына көнүп, барбай калды. Табылган олжо тууралуу эч кимге айтпай, бир күн чыдады, эки күн чыдады. Үчүнчү күнү чыдай албады. Өз ийгилиги жөнүндө бирөөгө айтпай кантип турсун! Киндик энеси Меланьяга чуркап келди. Келери менен:

– Амансызбы, – деп учурашты да, отура кетти. Ошол бойдон көпкө чейин отурду. Айткысы келип, тили оозуна батпай, тишин-тишине тийгизип, акыры чыдай албай:

– Ой, энеке, билбейм: айтсамбы же айтпасамбы? – деди.

– Айта бер, айт, – деп киндик энеси кулагын түрө калды.

– Кантип айтарымды да билбейм! Анткени – Петро эч кимге айтпа деп дайындаган.

– Ой, байкуш-ай, мени бирөөгө айтат дейсиңби?

– Мейли эмесе, киндик эне, сага гана айтайын, бирок сен, эсиңде болсун, эч кимге айтпа, – деп Хвеська Меланьяга бардык сырды айтып коёт. Хвеська үйдөн чыгары менен, Меланья кийинип, киндик энеси Прасковьяга келет.

– Ээ, киндик эне, укмушту уктуңбу сен?..

Петронун тапкан олжосун мына ошентип Прасковьяга айтып коёт. Прасковья – Маринага, ал – Аринага, анан дагы башкаларга айтышат.

Арадан бир-эки күн өткөн соң Петрону бурмистр чакырып калды.

Келери менен бурмистр Петрону беттен алды:

– Сен андайсың, мындайсың... акча тапканың ырас-пы, чыныңды айткын!

– Жок, эч кандай акча тапканым жок, – дейт Петро.

– Кантип тапкан жоксуң? Сенин катының бекерден-бекер келжирей береби?

– Менин зайыбым эмне дептир? Бирок ал дүйнөдө жок нерселерди айта берери чын. Анын бир аз айнымасы бар.

– Мына ушундай шылтооң бар экен да... чакыр бери Хвеськаны! – деди бурмистр.

Бир маалда Хвеськаны алып келишти. Бурмистр сурай баштады:

– Сенин эриң акча тапканы чын беле?

Хвеська мойнуна алды.

Бурмистр анан Петрого карады:

– Көрдүңбү? Эми эмне дейсиң?

– Эмне дейин. Мунун ойлоп чыгарбаганы барбы? Ишенбесеңиз, таксыр, сурап көрүңүзчү: мен кайсы күнү тапкан экемин?

Бурмистр Хвеськадан сурады:

– Кайсы күнү таап алды эле?

– Кайсы күнүбү?... Так ошол күнү биз балык үчүн токойго барып, бадалдардын түбүнөн балык терип алганбыз. Ошол күнү тегерек токоч жаачу булут өткөн, алмурутта илинип калган токочту биз кагып алганбыз, балык түшөр торго ошол күнү коён түшкөн... Ал эми сизди, таксыр, ошондо көчөмө-көчө кыдыртып...

– Эм-мине?! Эмне үчүн мени көчөмө-көчө кыдыртат? – деп ачуулана сурады бурмистр.

– Кечирип коюңуз, ырайымдуу таксыр... Бирок мынчалык сураган соң... мейли, айтса – айтайын... Поптун колбасасын уурдаганыңыз үчүн сизди ай-ябай урууга...

Бурмистрдин ачуусу чындап келди:

– Тарт тилинди, шерменде! Кайсы акылың менен сен мага келжирейсиң! Алгыла, алып барып, аябай ургула... экинчи оозуна келгенин келжиребей турган болсун!..

Петро ортого түшүп, аялымдын мына ушундай айныма кесели бар деп, бурмистрден кечирим сурайт. Бурмистр ойлоп-ойлоп, ырас эле жинди болгон окшойт деп бошотуп жиберди.

Хвеська менен Петро үйүн карай келе жатышты. Петро аялына улам карап, кытмыр күлүп, зайыбы ого бетер чычалайт. Үйгө келери менен ыйлап жиберди.

– Кагылайын Хвеська, мындан кийин оозуңа бек болуп жүрчү. Мага таарынба, кел эми, элдешели, – дейт Петро.

Мына ошентип, эрди-катын жарашты. Азаттыкты мырзалардан сатып алып, өз өмүрүн жыргап өткөрүштү.

## КОЛ КАП

Бир абышка токойду аралап, артынан күчүгү кошо чуркап бара жатты. Абышка жолдо кол кабын түшүрүп коёт. Бир чычкан чыга калат да, кол каптын ичине кирип:

– Мен эми ушул жерде жашайм, – дейт.

Аңгыча бака бакылдак келе калып:

– Кол каптын ичинде ким бар! – деп сурады.

– Чычкан чыйпылдак бар. Сен ким элең?

– Мен бака бакылдакмын. Мени да кийирип ал!

– Кире кой.

Эми булар экөө болушту. Коён чуркап келди да, кол каптын жанына токтоп:

– Кол каптын ичинде ким бар? – деп сурады.

– Чычкан чыйпылдак, бака бакылдак. А сен ким элен?

– Мен коркок коёнмун. Мени да кийирип алгыла!

– Кире кой.

Булар эми үчөө болушту. Бир убакта түлкү жетип келди.

– Кол каптын ичинде ким бар?

– Чычкан чыйпылдак, бака бакылдак, коркок коён. Сен өзүң ким элен?

– Мен куу түлкүмүн. Мени да кийирип алгыла!

Эми булар төртөө болушту. Бир убакта улуп-уңшуп какең жетип:

– Кол каптын ичинде кимдер бар? – деп сурады.

– Чычкан чыйпылдак, бака бакылдак, коён коркок, куу түлкү. А сен ким элен?

– Мен какең болом. Мени да кийирип алгыла!

– Келе кой эмесе! Бул да кирди. Бардыгы бешөө болду. Бир мезгилде каман жетип келди.

– Корр... корр... кол каптын ичинде кимдер бар-р?

– Чычкан чыйпылдак, бака бакылдак, коркок коён, куу түлкү, каардуу какең. Ал өзүң ким элең?

– Мен каман коркулдакмын. Мени да кийирип алгыла!

Мына кызык, баары эле кол капта жашагысы бар.

– Сен батпайсың го...

– Эптеп батып кетермин, кийригиле!

– Эмне кылсак... Эми сен... кир эмесе!

Бул да кирип кетти. Булар эми алтоо болушту. Кол каптын ичинин тардыгы ошончолук – бурулушка да мүмкүндүк жок! Аңгыча куу бутактарды чарт-чурт сындыра басып, аюу келип, кол каптын так жанында бакырды:

– Кол каптын ичинде ким бар?

– Чычкан чыйпылдак, бака бакылдак, коён коркок, куу түлкү, каардуу карышкыр, каман коркулдак. Сен өзүң ким?

– Гү, гү, гү, силер көбүрөөк экенсиңер! Мен абышка аюумун. Мени да кийирип алгыла.

– Кантип биз сени кийирели? Сенсиз дале кысылып отурабыз.

– Эптеп бирдеме кыларбыз!

– Кире кой эмесе, бирок жээк жагынан кир!

Бул да кирди. Эми жетөө болушту. Кол каптын ичинин тардыгы ошончолук – тим эле жарыла жаздап турат.

Абышка кол кабын эми эстей койду. Аяк-быягын караса – кол кабы жок. Аны издеш үчүн ошол замат кайра кайрылды. Күчүгү алга карай чуркап кетти. Күчүк чуркай эле берип, чуркай эле берип, анан карай салса – кол кап жолдо жатат, бирок кандайдыр жаны бар немедей кыймылдайт. Күчүк «ав, ав, ав» деп үрүп жиберди.

Айбандар коркуп кетишти; кол каптан чыгып, токойду карай биринен сала бири качты. Абышка кол кабын алып, жолуна түштү.

## МЫРЗА МЫШЫК

Илгери бирөөнүн чычкан кармашка алы келбеген картаң мышыгы бар экен. Бир күнү ээси ойлойт: «Мындай мышыктын мага эмне кереги бар? Мындан көрө токойго жеткирип таштайын» – дейт да, мышыкты токойго алып барып таштайт.

Мышык карагайдын түбүндө ыйлап отурат.

Аңгыча куу түлкү чуркап келди:

– Сен кимсиң? – дейт түлкү.

Мышык үрпөйө түшөт да, жооп берет:

– Фу, фу, фу! Мырза Мышык деген мен болом!

Мындай кадырлуу мырза менен таанышып калганы үчүн түлкү өз ичинен жым дей түштү.

– Сен мага үйлөн, мен сага жакшы аял болуп берем, өзүңдү багам-кагам, – деди түлкү Мышыкка.

– Мейли, алайын.

Ошентип булар сөздү бүтүрүп, бирге жашаш үчүн түлкүнүн үйүнө кетишти.

Түлкү Мышыкка жаны калбай жойпуланып жүрөт: бирде коок кармап, бирде кандайдыр токой аңдарын алып келип берет. Өзү жебесе да, мышыкка жегизет.

Бир күнү коркок коён куу түлкүгө жолугуп мындай дейт:

– Э, түлкүм, мен сага үйлөнсөм кантет?

– Кокуй, антип айтпа! Азыр менин Мышык деген мырзам бар. Ал сени жарып таштайт.

Ошол учурда Мышык ийининен чыга калып, адатынча үрпөйүп, белин бүкчүйтүп, муруттарын сербейтип, катуу кышылдайт. Аны көрүп, коён өлгүчө коркот. Качкан бойдон токойго барып, карышкырга, аюуга жапа жапайы каманга «Мышык мырза» деген бир укмуш айбанды көргөнүн айтты.

Эптеп жагынып, Мышыкка жакшы көрүнүш үчүн булар Мышык менен түлкүнү конокко чакырмак болушту.

Алар конокторго тамакты жакшылап жасоо жөнүндө өз ара кеңеш курду.

Карышкыр айтты:

– Мен эт менен майга барайын, сорпо даамдуу болсун.

Каман айтты:

– Мен кызылча менен картошкага барайын.

Анда аюу айтат:

– Закускага мен бал алып келейин.

Коён капустага чуркап кетти.

Тамакты даярдап, бардыгын үстөлгө коюшту Анан Мышык менен түлкүнү ким чакырат деп, ыйкы-тыйкы болушту.

Аюу айтат:

– Мен опсуз жоонмун, тумчугуп кетем.

Каман айтат:

– Мен элпек эмесмин, кечигип калам.

Карышкыр айтат:



– Мен картаңмын, кулагым чала угат.

Акыр-аягы коён бармак болду.

Коён түлкүнүн ийнине жүгүрүп жетти да, терезени тыкылдатып үч какты.

Түлкү ийининен чыгып, арткы буту менен соксоюп турган коёнду көрдү:

– Сага эмне керек?

– Карышкыр, аюу, каман жана мен Мышык мырза экөөңөрдү конокко чакырабыз...

Муну айтар замат коён кайра чуркап, беркилерге жетери менен аюу минтип айтты:

– Аларга кашык ала келиш керек экенин эскерттиңби?

– Кокуй, абаке, аны унутуп коюпмун, – деп коён түлкүнүкүнө кайра чуркады.

Келип терезени дагы какты:

– Кашыгыңарды унутпай ала келгиле.

Анда түлкү айтат:

– Жарайт, жарайт. Унутпайбыз!

Түлкү жасанып-түзөнүп, Мышык мырзаны колтуктап жолго түштү. Мышык мырза адатынча үрпөйүп, белин бүкүрөйтүп, муруттарын сербейтип кышылдады. Эки көзү көк жалындап турду. Карышкыр коркуп кетип, бадалдын түбүнө барып жашынды. Каман үстөлдүн алдына кирип кетти. Аюу шашканынан даракка чыгып, коён ийинге кире качты.

Жытынан сезе коюп, Мышык столдун үстүндөгү этти барып баса калды. «Мяу... мяу», деп аптыгып жей берди.

«Абдан соргок неме көрүнөт... Үстөлгө койгон этибизди майсыз деп жатат», – деп ойлошту беркилер.

Мышык мырза жеп-ичип, аябай тоюп алып, үстөлгө жата кетти.

Каман үстөлдүн алдында куйругун кыймылдатып жаткан эле. Мышык аны чычкан экен деп, үстөлдөн секирип түштү да, каманды көрө коюп, коркконунан аюу отурган даракка чыга качты.

Мышык мага келаткан экен деп, аюу карагайдын башына чыгып кетти. Отурган бутагы көтөрө албай, анан аюу жерге күрс этип кулап, карышкыр жашынып отурган бадалдын дал үстүнө келип түштү. Карышкыр мен эми өлөт экемин деп, ордунан тура качты. Карышкыр менен аюу качканда да коёнго жеткирбей кетишти.

Мышык столго чыгып, май менен балды аралаштырып сого берди. Түлкү экөөлөп бирин калтырбай, бардык тамакты жеп алып, үйлөрүнө кайтышты.

Карышкыр, аюу, каман жана коён бири-бирин кайрадан табышты.

– Бул өзү кандай айбан! Кипкичине болуп алып, эң эле ачуулуу көрүнөт, бардыгыбызды жеп коё жаздады, – дешти булар.

## ЧЫНДЫК ЖАНА ЖАЛГАН

Илгери, илгери бир ага-ини болгон экен; анын бири бай, экинчиси өтө кедей. Күндөрдүн биринде экөө кезиге калып, айтыша кетет. Кедей айтат:

– Жарык дүйнөдө жашоо мейли канчалык оор болсун, бирок чындык жакшы.

Аида бай айтат:

– Чындыкты кайдан табасың, сен? Азыр дүйнөдө чындык жок, кайда барсаң да – жалаң, жалган... Жалган жакшы!

Кедей айтканынан кайтпайт:

– Жок, иним, чындык жакшы!

Анда бай айтат:

– Эмесе мелдешели да, элден сурайлы. Үч жолкуга дейре ким кезиксе, ошондон сурай берели. Эгер сенин оюңдагыдай болсо, менин бардык мүлкүм сеники болсун, эгер менин айтканым чын чыкса, сенин бардык мүлкүң меники.

– Макул! – дейт кедей.

Булар эми жолго чыгышты. Кетип баратып, көрүнгөнгө жалданып иштеп жүргөн бирөөгө жолугушту:

– Саламатпы, жакшы жигит! – дешти булар.

– Аман-эсен.

Биз сизден кеп сурайлычы...

– Сурагыла!

– Сурасак: дүйнөдө чындык жакшыбы же жалган жакшыбы?

– Ээ, ак ниет жигиттер, азыр чындык барбы? Мына мен канчалык иштейм, колума жарытып эч нерсе тийбейт. Анча-мынча тапканымды кожоюн кармап калды. Чындык менен жашоо кайда! Эң эле жакшысы – чындыктан көрө, жалган дурус.

– Мына, менин айтканым чын чыкты, – дейт бай.

Кедей капаланды. Булар дагы жөнөдү. Бир маалда көпөс кезикти.

– Саламатпы, көпөс!

– Аманчылык.

– Биз сизден кеп сурайлы...

– Сурай койгула!

– Дүйнөдө чындык жакшыбы же жалган жакшыбы?

– Ээ, жакшы жигиттер! Азыр чындык менен жашоо болобу. Эгер бирдеме сатам десең калпты көбүрөөк айтып, калкты алдабасаң – саталбайсың!

Ошентип ал да өз жолу менен кете берди.

– Мына сага дагы бир чындык, – деди бай.

Кедей ого бетер капаланды.

Булар эми мырзага жолугушту.

– Саламатпы, мээримдүү мырза!

– Сак-саламат.

– Биз сизден кеп сурайлы...

– Айта койгула!

– Дүйнөдө чындык жакшыбы же жалган жакшыбы?

– Ээ, жакшы жигиттер! Дүйнөдө чындык барбы, ал кайда? Чындык менен жашай албайсың! Эгер мен чындык менен жашасам, анда мен... – деп бул да өз сөзүн бүтүрбөй кете берди.

– Тууганым, – деди бай, – эми үйгө кайталы, мүлкүңдү мага бересиң!

Кедей байкуш кайгыга абдан батып, үйүнө кайтты. Бай тууганы жалгыз үйүнөн бөлөк мүлкүнүн баарын алып кетти.

– Убактынча өзүңдө болсун, – деди бай, – азыр мага бул үйдүн кереги жок, кийин башка жактан үй таап аларсың.

– Кедей өзүнүн үй-бүлөсү менен үңкүйүп, отуруп калды. Жээрге бир сындырым наны жок, иштей турган жери да жок. Ошол жылы эгин такыр болбой калган. Кедей көпкө чыдады... Акыры балдары ачыгып ыйлай бергенден кийин, баштык көтөрүп, бай тууганына барды:

– Ой, иним, эң куруганда бир баштык ун, же белек дан бер. Жеп-ичерге оокат калбады, ачтыктан балдар шишип кетти.

Анда бай айтат:

– Бир көзүңдү ойдурсаң, унду ошондо берем.

Кедей байкуш ойлонуп-ойлонуп, акыры макул болду:

– Ме, оюп ал, бирок кудай үчүн ун бере көр.

Мына ошентип, бай кедей байкуштун көзүн оюп, бир баштык көгөргөн ун берди. Кедей унду үйүнө алып келди. Катыны күйөөсүн көрүп, бакырып жиберди:

– Эмне болду сага?.. Көзүң кайда?

– Э, тууганым оюп алды!

Анан болгон иштин бардыгын сүйлөдү. Ыйлап-сыктап, көгөргөн ун менен күн көрүштү. Арадан аз убак өттүбү, же көп убак өттүбү – дагы нансыз отуруп калышты. Баштыкты колго алып, кедей байкуш инисиникине дагы барды:

– Кагылайын иним, бир аз эгин бергин. Бая күнү бергениң түгөнүп калды.

– Кана, көзүңдү ойдур, унду ошондо берем.

– Көзсүз бул дүйнөдө кантип жашайм, иним! – Бирөөн оюп алдың. Ырайым кылып, азыраак унду жөн эле бер.

– Жок, бекерге бербейм. Көзүңдү ойдур да, унду анан ал.

Кедейдин көнбөскө айласы калбады:

– Ме, оюп ал, жазаңды кудай берсин сенин!..

Мына ошентип, бай кедей байкуштун экинчи көзүн оюп алып, бир баштык ун берди. Сокур унду алды да, үйүнө кетти. Жолдо темселеп, урунуп-сүрүнүп, араң дегенде үйүнө жетти. Бирок унду кошо алып келди. Катыны көрө коюп, бакырып жиберди:

– Сен байкуш, көзүң жок эми кантип жашайсың? Оокатты эптеп табат элек го...

Боорукер аялдын ыйлаганы ошончолук болуп, сөз айтууга алы жетпей калды. Анда сокур айтат:

– Ыйлабачы, катын! Дүйнөдө сокур жалгыз гана мен эмес, сокурлар толуп жатат, алар деле көзсүз оокат кылып жүрбөйбү.

Экинчи жолу келген унду бат эле жеп түгөтүштү. Эми тамак жок, тамшангандар көп...

– Мен эми инимдикине барбайм. Андан көрө, сен мени кыштактын сыртында жолдун боюндагы чоң теректин түбүнө жеткир да, отургузуп кой. Кечинде үйгө алып кайтарсың: мүмкүн бирин-серин жолоочулар тоқоч-мокоч берип өтөр.

Ошентип, катыны аны жетелеп барды да, теректин түбүнө отургузуп коюп, өзү үйүнө кайтты. Байкуш сокур теректин түбүндө жалгыз отурду. Өткөн кишилердин кээ бири ага кайыр берип жатышты. Анан кеч кире баштады. Эмнегедир катыны келбей калды, өзү да чарчады. Үйүнө эми жалгыз кетмекчи болду. Жолдо башка жакка адашып кетип, үйүнө жете албады. Кайда баратканын өзү да билбей, кете берди. Бутактары шуулдаган токойго келгенин сезди. Токойдо конууга туура келди. Жырткыч айбандардан коркуп, сокур эптеп даракка чыкты да, жайланып отурду.

Түн жарымы болгон кезде, так сокур отурган эмен жыгачынын түбүнө жин-перилер жыйналып, алардын жетекчиси кимдин эмне кылганы жөнүндө сурай кетти. Ошондо бири минтип айтты:

– Мен эки баштык ун үчүн инисине агасынын эки көзүн ойдурттум.

– Анда жетекчиси айтты:

– Сен жакшы кылгансың, бирок ойдогудай эмес!

– Кандайча?

– Эгер ал сокур ушул дарактын түбүндөгү шүүдүрүмдү көзүнө жапса болду – көзү ачылат да калат.

– Мындай кылуу керек экенин ал кантип билсин?

– Сен эмне иш бүтүрдүң? – деп жетекчиси дагы биринен сурады.

– Мен бир кыштактын бардык суусун куруттум, бир тамчы да калтырбадым. Сууну эми отуз-кырк чакырым жерден алып келе турган болушту. Көп киши кырылды.

– Сен жакшы кылгансың, бирок ойдогудай эмес.

– Кандайча?

– Эгер коңшу шаардагы ташты ордунан козголтсо болду – анын алдынан чоң өзөн суу агат да кетет.

– Мындай кылуу керек экенин ким угуп, ким билсин?

– А сен эмне иш бүтүрдүң? – деп жетекчиси үчүнчүдөн сурады.

– Бир падышанын жалгыз кызы бар эле. Ошол кызды сокур кылып койдум. Айыктыруу эч бир табыптын колунан келбейт.

– Аны жакшы кылгансың, бирок ойдогудай эмес.

– Кандайча?

– Эгер ушул дарактын түбүндөгү шүүдүрүмдү көзүнө сүртсө болду – көзү ачылат да калат.

– Мындай кылуу керек экенин ким жана кантип билсин?

Даракта отурган байкуш, жиндердин сүйлөшкөн сөзүн бүт укту. Жиндер учуп кетери менен, ал дарактан түштү да, шүүдүрүмдү көзүнө жаап, ошол замат көзү ачылып кетти. «Эми бөлөктөргө жардам берейин» деп ойлоду. Ошол шүүдүрүмдөн кол челекке толтуруп алып, жолго түштү.

Бир кезде суусу жок кыштакка келди. Караса – кемпир келатат, апкеч менен көтөргөн челеги бар. Кемпирге ийилип амандашып, анан сүйлөшө баштады:

– Энеке, сууңдан берчи, ичейин!

– Ой, балам!.. Мен бул сууну отуз чакырым жерден алып келатам, барып жеткенче да жартысы чайпалып төгүлөт! Үй-бүлөм аз эмес, көп – алар кыйналып калар...

– Кыштагыңарга жетерим менен силерди сууга бүт жыргатам.

Кемпир суу берди; аябай кубангандыктан ошол замат кыштакка чуркап барып, көргөн кишиси жөнүндө кабар салды. Эл бир ишенет, бир ишенбейт, ошондой болсо да, беркинин алдынан тосуп чыгып, жүгүнүп турушту.

– Жакшы жигит, бизди өлүмдөн куткар!

– Макул, бирок силер мага жардам бергиле. Мени өзүңөргө коңшулаш шаарга жеткиргиле.

Аны коңшу шаарга алып келишти. Келери менен баякы ташты издөөгө киришти. Издеп жүрүп, акыры ал ташты тапты. Көптөшүп жатып ташты өйдө көтөрүп, ордунан козголтушту. Ошол замат анын астынан суу атырылып чыкты; бардык булактар, ой-чуңкурлар, арыктар сууга толуп кетти. Эл абдан кубанып, мынчалык чоң жакшылык кылган чоочун кишиге алкыш айтышып, акча жана башка нерселер жыйнап беришти. Чоочун киши атка минди да, жолго дагы чыкты. Жолдо сураштырып отуруп, кызы сокур болгон падышанын шаарын акыры таап алды.

Падышанын ак сарайына келип, анын кызматкерлерине мындай дейт:

– Кудайдын мунусуна чоң ыракмат! Көзүң кантип көрө баштады? Айтчы ушуну...

– Шашпа, катын, алды менен мүлктөрдү кийирели.

Мүлктөрдү үйгө кийиришти... Мындай байлыкка тиги бай иниси кайдан жетсин!

Мына ошентип, булар бай болуп калышты. Иниси муну угуп, чуркап келди.

– Байке, кантип көзүң оңолду, кандайынча бай болдуң?

Агасы андан эч нерсени жашырган жок, бардыгын туташ айтып берди.

Иниси мурункудан да бай болгусу келди. Түн кирери менен, уурданып токойго чуркап жетти да, баягы агасы отурган даракка чыгып отурду. Түн жарымы болгон кезде, жетекчиси менен жин-перилер учуп келишти. Алар мындай деп сөз баштады:

– Бул эмнеси? Эч ким эч нерсе уккан да жок, билген да жок эле, бирок сокур туугандын көзү оңолгон, таштын алдына байланган суу кайра ачылып, падышанын кызы кошо айыккан! Мүмкүн, биздин сөздү кимдир бирөө угуп жүргөндүр? Кана, аяк-быякты издеп көрөлү.

Туш-туштун баарын издеп, акыры дарактын төбөсүнө чыгышты. Чыкса – бай отурат. Аны кармап алышып, тыткылап өлтүрүштү.

# БЕЛАРУС ЖОМОКТОРУ

## АКЫЛМАН КЫЗ

Бир мужук базардан үйүн карай келаткан экен. Жол адам өтө алгыс түнт токойду аралап өтүп, эки жакта тирүү жан эч көрүнбөйт.

Мужук үйүнө жетпей, караңгы түндө калды. Көзгө сайса көрүнөр эмес. Эчтеме көрүнбөйт! Бул эми ошол жерде арабасын токтотуп, түнөп алайын деген ойго келди. От жагып, атын тушап коё берип, чырпыкка сайган чийки майды отко кактап жей баштады. Жеп тойгондон кийин, суналып жата кетип, ошол замат уктап калды, анткени – жолдо аябай чарчаган эле.

Эртең менен ойгонуп, айланасын караса – бардык тараптан суу каптап, толкун болуп, мына эми муну басып калганы келатат... Мужуктун айласы кетип, эмне кыларын билбей эси оой түштү.

«Бул жерден эч чыга албайм, ажалым жеткен экен!..» – деп ойлоду.

Суу улам көбөйүп, толкун да биротоло күчөп алды. Мужук карап туруп, алыста бирөө кайык менен сүзүп келатканын көрдү.

«Ажалым жете элек бейм, бул жерде өлбөйт окшойм», – деди өз ичинен.

Анан үнүнүн бардыгынча кыйкырып, кайыктагы кишини чакыра баштады:

– Ээ кагылып-садагаң болоюн! Мага тезирээк жет! Мен мында сууга агып өлгөнү турам!..

Ал киши кайыгын бери буруп, мужукту карай жөнөдү. Бирок жанына жакып келбестен, окчунураак жерде токтоп калды.

– Мени өлүмдөн алып кал, тууган! Сураганыңды берем, эптеп эле ажалдан куткара көр!

– Жакшы болот, – деди кайыктагы киши. – Өлүмдөн куткарайын, бирок бекер эмес, акы төлөйсүң: сен мага үйүңдө бар, өзүң аны билбей жүргөн нерсени бересиң!

Мужук ойлонуп калды:

«Менин үйүмдө өзүм билбеген нерсе барбы? Андай эч нерсем жок эмеспи. Мейличи, азыр соодалашып отурар убак эмес, макул дейин».

– Болуптур, мен ошол үйүмдө бар, бирок өзүм билбеген нерсени берейин, а сен эптеп эле өлүмдөн куткар!

– Курулай сөзүңө ким ишенет? Кийин танып кетишиң мүмкүн.

– Анда эмне кылам, тууган?

– Тээ-тетиги кайыңдан кичинекей ак кабык сыйрып ал, анан чыпалагыңан кан чыгарып, ошол кабыктын бетине өз убадаңды жазып койгун. Ошентсең убадаң бекем болот.

Мужук анын айтканын кылды. Кабыктын бетине өз убадасын каны менен жазып, кайыкты карай ыргытты.



– Силердин падышаңардын кызы сыркоо деп уктум... мүмкүн, мен аны айыктырармын!

– Э-э, сага жол болсун! Сен түгүл, барып турган чоң табыптар да эч айла кылбады, а сен жөн эле кой.

– Ошондо да падышага айтып көргүлөчү!

Падышанын кызматкерлери болбойт, ага бул көнбөйт, айтып көргүлө деп кашайып туруп алат. Акыры барып падышага айтышат. Падыша: «Кирсин сарайга», – дейт.

– Сен менин кызымды айыктыра аласыңбы?

– Айыктырам.

– Эгер айыктырсаң – каалаганыңды берем.

Муну падышанын кызы жаткан үйгө алып келишти. Кол челектеги шүүдүрүмдү сүртөр замат кыздын көзү ачылып кетти. Падыша өтө кубанып, өзү жер-сууга батпай, буга толуп жаткан мүлктү берди, аларды араба-араба кылып, өз үйүн карай жүктөп кетти.

Бул минтип жүргөндө, үйүндө аялы күйөөсүнүн кайда кеткенин билбей, ыйлап-сыктап, эч бир таппаган соң бир жерде өлүп калды деп ойлоду.

А күйөөсү караңгы түндө келип, терезени такылдатты.

– Эшикти ач, катын!

Зайыбы үнүнөн тааный коюп, кубанып кетти. Жүгүрүп барып, эшикти ачты. Баягысындай эле сокур, бирөө жетелеп келгендир деп ойлоду.

– Чырак жак, – дейт күйөөсү.

Аялы чырак жакты. Күйөөсүнүн көзү ачылып калганын көрө коюп, кубанганына чыдабай алаканын чапкылап жиберди.

Тиги кабыкты тосуп алып, жин сокмондой каткыра күлдү.

Толкуган суу көз ачып-жумгуча бүт жоголуп, кайыкчынын өзү да көздөн кайым болду. Бул адам эмес, анык шайтан экенин мужук эми билди. Бөлөк эч айла жок, атын кармап, арабасын чегип, үйүнө жөнөдү.

Жолдо ушунчалык катуу кайгыга чөмүлүп, ажалдан мурда өлгүсү келди. Жүрөгү кандайдыр чоң кырсыкты сезип турат... Ошондо бул атын ыкчам айдап, эмне болсо да үйүнө тез жетүүгө шашты.

Келип шашкан бойдон үйүнө кирди. А үйүндө таңтамаша башталып, коноктор жык толгон, бирок зайыбы гана көрүнгөн жок.

– Саламатсыңарбы! Бул эмне жаңылык? – деди мужук.

– Эхе, бизде жаңылык чоң: зайыбың эң сонун эркек бала төрөдү! Барып көрүп чык өзүң!

Муну укканда мужуктун көзү караңгылап, башы айлана түштү. Өмүр бою эч бир перзент көргөн эмес, эми өзү эркек балага жетер замат аны шайтанга беришке туура келип отурат!

Коноктор үй ээсине таң кала карап, бул кубанбай эле, эмне үчүн кайгыга баткан себебин билбей:

– Сүйүнгөнүнө чыдабай жинди болуп калды окшойт, – дешти.

Баласы ырас-ок балкайган сонун бала болуп, күндөн күнгө чоңоё баштады. Атын Юрий коюшту.

Юрийди окууга беришип, илим жагынан ал бөлөк балдардын эч бирине жеткирер эмес: өзү ошончолук зээндүү жана ар ишке кыйын. Калк ага карап кубаныч-

ка батып, мунун ата-энеси ырыстуу дешип, өз ичинен тамшанып турушса, атасы күндөн-күнгө кабагын катуураак түйүп, кайгыга бекем чөмүлгөнү байкалат.

Мында бир сыр бар экенин Юрий да билип, күндөрдүн биринде атасына асылды:

– Айтчы, ата: же сен мага наразы болуп жүрөсүңбү? Эмне үчүн мага ушунчалык кабагың салып карайсың? Же мени жактырбайсыңбы! Же мен жаман иш кылып, аны өзүм байкабай калдымбы?

Атасы жөн гана оор үшкүрүп, баласына жалооруп карайт:

– Жок, балам... сени мен өз жанымaн артык көрөм... Эч кандай жамандык да кылган жоксуң. Бирок мени балакет басып... туула электе сени шайтанга берем деп убада кылып койгом.

Анан эмне үчүн ошенткенин бүт айтып өттү.

– Эмесе кош бол, ата! – деди уулу. – Мен жөнөйүн. Кайра качан жолугушарыбызды билбейм. Же мен өлүп тынам, же сени ошол убадаңдан куткарам!

Юрий жолго камына баштады. Бир үзүм токоч, бир кесим май алып, ата-энесин убара кылбоо үчүн, түн жарымында акырын ордунан туруп, үйдөн чыгып кетти.

Чыгар замат жолго түштү.

Токойду аралап, суу кечип, саздан өтүп отуруп, акыры жалгыз тамга келди. Тамдын ичине кирсе, картайып жеткен бир кемпир отуруптур.

– Амансызбы, эне! – деди Юрий.

– Аманбы, балам! Кайда баратасың?

Юрий кайда бараткaнын айтып берди. Кемпир угуп туруп, анан мындай деди:

– Эми муну айтчы, бай: атамдын жазып берген жазуусу барбы сенде?

– Бар эмей... албетте, бар! Кайындын кабыгына өз каны менен жазган. Эгер сен мага жакшылап кызмат кылсаң, ошол жазууну колуңа карматып, кайда барсаң өзүң бил деп, ээн-эркин коё берем. Бирок ачуума тийсең – тирүүлөй териңди сыйырам! А сен муну айт мага: жолдо токойду аралап өттүңбү?

– Өттүм.

– Түнт токойбу?

– Ооба.

– Саздарды кечтиңби?

– Кечтим.

– Акыры менин ак сарайыма жеттиңби?

– Жеттим.

– Эмесе мындай иш кыласың: менин ошол түнт токоюмду бүгүн түнү бүт кыркып бүтүп, бардыгын жыйнайсың, анын ордундагы жерди айдап, маласын тартып, буудай себесиң. Буудайың өнүп-өсүп, бир түндө бышкандай болсун. Сен аны оруп бүтүп, кырманга бастырып, данын тазалап, ун тартып, токоч бышырып, эртең менен менин алдыма коёсуң. Ушунун баарын аткарсаң, колу-жолуң бош – кете бергин. Анчалык оор иш эмес!..

Ушуну айтып, кандайдыр жоболоңдуу каткырып күлдү.

Юрий өз кожоюнунан четке басып, башын шылкыйтып, эмне кыларын билбей калды. Короодо жалгыз илкип, ойго чөмүлдү:

«Эми канттим?! Өзүм далай эле нерсени окуп, ушул сыяктуу көп жумушту кантип тез бүтүрүүнү билген эмес экем. Анык өлөр жериме келипмин!..»

Юрий короонун ичин кыдырып, кожоюндун малай кызын издеди.

Жүрө-жүрө эң четки бурчка жетти. Анда кичинекей там туруптур. Тамдан бир кыз көрүнүп, Юрий ага карап:

– Кожоюндун малай кызы сенсиңби? – деп сурады.

– Ооба, жаш жигит. А сен эмне үчүн мынчалык кабагың салыңкы? Эмнеге капа болуп жүрөсүң?

– Капа болбогондо кантем, – деди Юрий, – себеби, кожоюн бир жылда бүтпөс жумушту бир түндө бүтүр деп, мойнума жүктөп койду!

– Кандай жумушту жүктөдү?

– Бүгүн түндө түнт токойду кыркып бүтүрүп, ордундагы жерди айдап, маласын тартып, буудай сээп, ал өнүп-өсүп, ошол гана түнү бышып, анан мен оруп алып, кырманда данын тазалап, ун тартып, токоч бышырып, эртең менен анын алдына коюшум керек...

Юрий кызга жагып калды. Буга боору ооруп: «Байкушту бекер өлтүрмөк болгон экен!» – деп ойлоду.

– Көп кайгырба, – деди кыз. – Тынч жатып уктай бергин. Ыраак жолдон кийин эс алышың керек. Мен сага жардам берем. Мен барда сенин башыңды эч ким кесе албайт. Сенден бөлөк да далайды өлтүрдү бул.

– Сен мага чыныңды айтчы: ушул кожоюндун колунда өз ыктыярың менен турасыңбы? – деп сурады Юрий.

– Өз ыктыярым менен кантип турайын! Мени бирөө чындап сүйүп ушул жерден алып кеткенге чейин тура бербеске эч айлам жок.

– Эмесе мен алып кетем.

Экөө сырдаша баштап, узак сүйлөштү.

– Эми сен укташың керек, – деди кыз.

Юрий суналып жатар замат катуу уктады: жолдогу токой менен саздарда жүрүп абдан чарчаган.

Түн жарымы ченде кыз эшиктин алдына чыгып, алаканын үч жолу шакылдатты; ошол замат нечен шумдуктар опур-топур боло жетип келди.

– Саламатпы, жаш селки!

– Амансыңарбы, ар кыл шумдуктар!

– Бизди эмнеге чакырдың? Эсебибизди алмаксыңбы, же бир жумушка салмаксыңбы?

– Эсебиңердин эмне кереги бар мага! Мен силерди жумушка салам. Кожоюндун калың токоюн бүт кыркып бүтүп, бир четке жыйнап, токойдун ордундагы жерди айдап, маласын тартып, буудай сепкиле. Буудай ушул түнү өнүп-өсүп, бышып да жетсин. Силер аны тезинен оруп, кырманда данын тазартып, ун тартып, ошол ундан токоч бышырып, эртең менен менин колума бергиле!

Шумдук жандар токойду туш-туштан каптап, жумуш кайнай баштады: кай бири жыгачты кесип, кай бири аны четке сүйрөп, дагы бири жерди айдап, маласын тартып, үрөнүн сээп жүрөт! Себер замат буудай кылкылдап өсүп, бат эле бышты. Беркилер дагы каптап, бири оруп, бири кырманга чогултуп, данын тазартып, ун тартып, токоч бышырып жатты.

Күндүн мурду чыга электе бардыгы даяр болду:

– Токочту кабыл ал, жаш селки!

Кыз токочту бүт өткөрүп алып:

– Эми өз ордуңарга кете бергиле! – деди.

Шумдук жандар ошол замат көздөн кайым болду.

Кыз Юрийге келип, аны ойготту:

– Чоочун жерде мынчалык узак уктаганың болбойт, жаш жигит! Мында сен эртерээк турушуң керек!

Юрий ойгонор замат ордунан ыргып туруп, биринчи ойлогон оюу «Токоч бышты бекен?» – дегенде болду.

Ал эми бышкан токочтор столдун үстүндө жатыптыр, барпайып жана кыпкызыл болуп эң эле сонун.

– Алып бар кожоюнга! – деди кыз.

Ошентип, токочту татынакай идишке салып, үстүнө дасторкон жаап, кожоюнга көтөртүп жиберди.

Кожоюн өзүнүн жатак бөлмөсүнөн чыкты. Юрий башын ийип, салам айтты:

– Саламатпы, таксыр!

– Аманбы, жигит! Менин буйругумду аткардыңбы?

– Аткардым, таксыр! Өзүң кандай буйрусаң так ошондой кылып бүтүрдүм.

– Көрсөтчү!

– Мына, көргүн!

Кожоюн токочту көрүп, жыттап, өз айтканы орундалганына көзү жетти. Ошол эле жерде токочторду лапылдата сугунуп койду.

– Сен анык азамат экенсиң, Юрий! Жаман кызматкердин бири эмес экениңди көрүп турам. Бир айтканымды толук аткардың. Эми дагы экини аткарсаң – атаңа сөзсүз жиберем. Азыр барып, үч күнү

эс алгын, анан төртүнчү күнү жаңы тапшырманы алышка келгин.

Муну укканда Юрий дагы капаланды:

«Бул оңбогур жарылып өлөр күн жокпу! Эми мага ого бетер оор жумушту тапшырар. Кандай кылам? Кыздан бөлөк ишенер эч ким жок менде», – деп ойлоду.

Ошентип, кожоюндан эң кайгылуу келди. Кыз аны көрүп:

– Сен эмне мынчалык кайгыга баттың? – деп сурады.

– Кожоюн ого бетер оор жумушту тапшырганы турса, мен кантип кубанам!

– Эмесе кайгырбай эле кой... Биринчи жумушту аткардыкпы, эми экинчисин кошо аткарабыз! Айткан күнүндө кожоюнга барып, тапшырган жумушун ала бергин.

Төртүнчү күнү Юрий кожоюнга барды.

Бузуку муну жакшылап тосуп:

– Амансыңбы, азамат! – деди.

– Саламатпы, таксыр!

– Сен менин короо-жайымды көрүп турасыңбы?

– Көрүп турам.

– Тээ тетиги тоону көрдүңбү?

– Көрдүм.

– Так ошол тоонун кырына таштан үй тургузгун. Аның меникинен да сонун болуп, бир түндүн ичинде бүтсүн! Бир жылда нече күн болсо, анда ошончолук бөлмө турсун; төбөсү көпкөк асмандай жаркырап, күн кызарып жылып, ай тийип, жылдыздар жымыңдасын; үстү апийимдин гүлү менен жабылып, ар бир гүлгө үч-

төн алтын мык кагылсын. Үйдү айлана тунук суу агып, үстүнөн көпүрө салынып, анын бир тактайы алтындан, бир тактайы күмүштөн болуп, ийилген көк желенин эки учу көпүрөнүн эки четиндеги сууга кирип турсун... Кептин кыскасы, көргөн киши күлкү кылбасын! Ушундай үйдү тургуза алсаң – атаңа жиберем, антпесең – тирүүлөй териңди сыйрыйм! Мен колдонгон тартип ушул: же аябай жалгайм, же аябай кыйнайм. Жөнөгүн эми.

Юрий кызга келип, кожоюн тапшырган жумушту айтты.

– Кайгырба, – деди кыз. – Бардыгы бүтөт. Бир түндө даяр болот. Азыр сен тоого чыккын. Так ошол укмуштай сонун үйдү тургузуш үчүн орун тандаган кишидей болуп, эки жакты карап жүргүн.

Юрий кыздын айтканындай кылды: тоого барып, анын эки жагын карап, айлана басып жүрүп, кечке жуук кайра келип, тамга кирер замат жатып уктап калды.

Түн жарымы ченде кыз үйүнөн чыгып, алаканын үч жолу чапты. Ошол замат ар кыл шумдук жандар учуп жетти.

– Саламатпы, жаш селки!

– Амансыңарбы, абдан коркунучтуу жандар!

– Бизди эмнеге чакырдың: эсебибизди аласыңбы, же жумушка саласыңбы?

– Эсебиңердин эмне кереги бар мага! Силерди азыр жумушка салам: так ушул түнү тээ-тетиги тоонун кырына таштан үй тургузуш керек. Бир жылда канча күн болсо, ал үйдө ошончолук бөлмө болсун. Төбөсү көпкөк асмандай жаркырап, күн кызарып жылып, ай тийип,

жылдыздар жымыңдасын; үстү апийимдин гүлү менен жабылып, ар бир гүлгө үчтөн алтын мык кадалсын. Үйдү айлана тунук суу агып, үстүнө көпүрө салынып, анын бир тактайы алтындан, бир тактайы күмүштөн болуп, ийилген көк желенин эки учу көпүрөнүн эки четиндеги сууга кирип турсун!..

Кыздын оозунан бул сөз чыгар замат шумдук жандар жумушту каптап кирип: бири таш ташып, бири дубалын коюп, дагы бири төбөсүн жаап, мык кага баштады.

Таңга жуук алар кызга келишти.

– Бардыгын бүттүңөрбү?

– Бардыгын бүттүк, жаш селки! Үйдүн тээ-тээтиги үстүнкү бурчунда гана бир гүлгө эки мык кагылып, бирөө кагылбай калды.

– Ал эч нерсе эмес. Эми, келген жагыңарга кете бергиле!

Шумдук жандар ошол замат жоголду. Кыз тамга кирип, Юрийди ойготту:

– Туруп, кожоюнга бар! Бардыгы даяр болду!

Юрий тамдан чыгып, тоонун үстүндөгү жаңы үйдү көрүп, аң-таң калды: төбөсү асманды тиреп, үстүнөн көк желе ийилип түшүп, көпүрө жарк-журк этет. Бул анан басып барып, ичине кирип, өйдө карады: күн кызарып, толгон ай нурун чачып, жылдыздар жымыңдап турат!..

Юрий көпүрөнүн үстүнө чыгып, кожоюнду күттү.

Кожоюн бат эле келип, үйдү көргөндө аң-таң болду:

– Анык азамат экенсиң, Юрий! – деди ал. – Эгер ушуну өзүң бүтүрсөң, анда абдан мыкты иш кылып-

сың! Мындан артык кантмек элең! Сага эми дагы бир иш тапшырам - эң акыркы тапшырмам ошол. Аткарсаң – атаңа кетесиң. Аткарбасаң – башыңан ажырайсың. Ал иш мындай: менде бир азоо ат бар, ага эч баа жетпейт, бирок үстүнө жан чыгарбайт. Ошону үйрөтүп бергин!

– Жакшы болот, эртең минип үйрөтүп берем! – деди Юрий.

«Ушул да жумушпу! Азоо тургай, жапайы ат болсо да үйрөтүп салбаймбы!» – деп ойлоду бул.

Келип кызга айтып:

– Ушул иш өз колуман сөзсүз келет, – деди.

– Жо-ок, – деди кыз, – антип мурдатан эле мактана бербе! Жумуштун эң кыйыны ушул. Аны сен жөнөкөй ат деп ойлойсуңбу? Жок, бузуку шайтандын өзү. Ал сенин түнт токойду кыркып, буудайды айдап, токоч бышырып, кооз үйдү тургузганыңа ишенбей жатат, эми сени чындап сынайт, бирок капаланба, дагы эле мен жардам берем!

Эртең менен кыз Юрийге минтип айтты:

– Убакыт жетти! Барып атты үйрөткүн! Мына бул тал чыбыкты колуңа алгын. Эгер ат долуланып катуу туйлап, сени жыкмакчы болсо, ушул чыбык менен кулак түпкө чапкын – ошол замат жоошуй түшүп, айдаган жагыңа басат.

Юрий тал чыбыкты колуна алып, шайтандын ордосуна барды.

– Кожоюн кайда?

– Кожоюн жок, – дешти үй кызматчылар. – Сен тиги атканада байланып турган аргымакты жетелеп чыгып, минип үйрөтсүн деген буйрукту берди.

Юрий атканага барды. Андагы аргымактын жүнү алтын менен күмүштөй жалтырап, көзү кыпкызыл болуп, таноосунан жалын каптап, кулагынан түтүн бурап, – жанына эч ким даай алар эмес. Юрий тал чыбык менен тап бергенде, жалындын ысыгы билинбей калды. Анан бул жанына келгенде, ат асманга секирип, чокусу чатырга тийип, төрт аягы менен тик туруп кишенеп, ошондо жер титирегендей болуп, аткана жыгылып кете жаздап титиреп турду. Юрий кулак түпкө чапканда, ал тизелеп жата калды. Юрий үстүнө секирип минип, ат ого бетер долуланып, муну ыргытып жибере жаздады!.. Юрий да карап турбастан, тал чыбык менен кулак түпкө тарсылдатып сабай баштады! Ат канчалык катуу жиндиленсе, бул ошончолук өчөшүп сабады. Аттын туягы жерге тийбей, капкайда ала качып, үстүндөгү баланы жыгып, анан тепсеп өлтүрүш үчүн дагы эле мөңкүп Юрий да сабаганын эч токтоткон жок!..

Ат алып учкан бойдон нечен кырды ашып, токойду аралап, саздан өтүп, акыры аябай чарчап, бүткөн боюн кара тер басып, төрт аягын араң шилтеп, үйүнө кайтты.

Юрий атты акырга байлап, өзү короонун ичинде жүрө баштады. Кожоюндун үй кызматчылары мындан тескери бурулуп, эч кимиси сүйлөшкүсү келбейт: кокус кожоюн көрүп коюп, бул бала менен достошуп алды деп ойлойт дегенден коркушту.

Юрий анан кызга барып, болгон иштин бардыгын айтып берди.

– Сен кожоюндун шорун аябай катырган окшойсуң! Өзүң да чарчап бүткөн экенсиң. Эми тамакка мыктап тоюп, анан жатып эс ал!

Эртеси кожоюндун жигити келип, Юрийди анын үйүнө чакырды. Юрий кирип барса, кожоюн чекесин таңып алыптыр.

– Мына эми мен сени тааныбайм, сен мени тааныба! Атаңдын тил катын колуңа алып, эртең эрте жолуңа түш! – деди кожоюн.

Юрий кайыңдын кабыгындагы жазууну колуна алып, өзү аябай кубанып, кызга дагы келди. Кыз мунун сөзүн угуп, анан мындай деди:

– Сен али кубанбай коё тургун! Бул сени жөн эле коё берчү кожоюн эмес. Эртең таң атканын күтүп отуруштун кереги жок. Түн жарымы болор замат жолго чыгалы. Сенин жериңе билинбестен качып кетпесек, бул оңбогур экөөбүздү соо койбойт!

Түн жарымы ченде экөө жолго камынып, үйдүн бурчу сайын бирден түкүрө чык, – деди кыз Юрийге. Анан эшикти мыктап бекитип, жөнөп кетишти.

Эртең менен кожоюн жигитин дагы жиберип, Юрийди үйүнө чакырды.

Жигит келип терезени чертти.

– Тур өйдө, күн чыгып калды! – деди жигит.

– Азыр турам! – деп түкүрүк жооп берди.

Күн түшкө жакындаган кезде, кожоюндун жигити дагы келди.

– Турбайсыңбы! Күн чак түш болду!

– Кийинип жатам! – деди түкүрүк.

Кожоюн чындап ачууланып, Юрийге жигитин дагы жөнөттү. Ал келип кыйкырган кезде, түкүрүктөр кургап бүтүп, эч ким жооп бербей койду. Эшикти бузуп кирсе – тирүү жан жок. Бул кабарды кожоюн угуп, бур-

кан-шаркан түшө ачууланып, башын ташка койгулап, эмне кылар айласын таппай жатты. Анда аялы айтты:

– Мына көрдүңбү: өзү кеткени аз келгенсип, биздин кызматчы кызды кошо ала кетиптир. Артынан куугунчу жөнөт! Же өздөрүн, же өлүгүн алып келбей койбосун! Баланын башын кестирип, кызды кайра колума бер – андай сонун кызматчы эч кайдан табылбайт!

Куугунчулар кууп чыгып, аттарына камчыны аябай уруп, издеп келатышат.

Юрий менен кыз да жан-алы калбай качышты.

– Жата калып жерди тыңшачы, – деди кыз Юрийге. – Токой шуулдабайбы, жол онтобойбу, куугунчулардын дабышы угулбайбы?

Юрий жата калып жерди тыңшады:

– Токой аябай шуулдап, жол онтоп жатат!

– Эмесе оңбогон кожоюн соңубуздан куугунчу жиберген экен! Азыр келип калышат. Тезирээк чуркайлы! Артыбыздан кууп жетишкен кезде, өзүм бир короо кой болуп, сени койчу кылып салам. Куугунчулар качып бараткан жаш жигит менен татынакай кызды көрдүңбү деп сурашса, сен минтип айткын: «Жаңыдан койчулукка жалданып, эки гана койду кайтара баштаган бала чагымда көргөм, азыр өзүм чал болуп, ошол эки кой тукумдап отуруп миңге жетти», – дегин.

Муну айтар замат кыз чоң короо кой болуп, Юрийди картаң койчу кылып салды. Куугунчулар да бат эле келди.

– Эй, абышка! Качып бараткан жигит менен кызды көрдүңбү?

– Кантип көрбөйүн, көрдүм!

– Качан?

– Жаңыдан койчулукка жалданып, эки гана койду кайтара баштаган бала кезимде көргөм. Азыр өзүм чал, ошол эки кой тукумдап отуруп миңге жетти.

– Эмесе аларды кантип кууп жетмек элек! Андан бери далай жыл өтпөдүбү! – дешти куугунчулар.

Ошентип, кожоюнга кайра барышты. Юрий менен кыз эми өз кейпине келип, жолуна түштү.

Куугунчулар кожоюнга минтип айтышты:

– Эч кимди көрө албадык. Же изинен адашып калдыкпы, же бөлөк жолго түшкөнбүзбү – чоң короо кой менен жалгыз абышканы гана көрдүк. Чал жаш кезинен тартып ошол жерде кой жаят экен, бирок качып бараткан жигит менен кызды эч көрбөптүр.

– Эмесе силер жеткен акмак экенсиңер! – деп кыйкырды кожоюн. – Алар так ошол экөө! Чалды өлтүрүп, койду бүт мында айдап келиш керек болчу! Ал менин кызматчы кызым – өзү кой болуп, жигитти койчу кылып салган турбайбы!

– Дагы кууп жөнөгүлө! – деп бакырды кожоюн, ачуусуна чыдабай. – Чалды балта менен башын жара чаап, койду бүт мага айдап келгиле!

Куугунчулар кайра жөнөштү. Бул ортодо Юрий менен кыз далай жерге узап кеткен. Жүрүп отуруп, жүрүп отуруп, акыры кыз Юрийге минтип айтты:

– Жата калып жерди тыңшачы: токой шуулдабайбы, жол онтобойбу, артыбыздан куугунчу келаткан жокпу?

Юрий жата калып жерди тыңшады:

– Токой катуу шуулдап, жол онтоп жатат. Соңубуздан куугунчу келатат!

Кыз жоолугун желпип, өзү мөмөлүү дарак болуп, Юрийди багбан чал кылып салды.

Куугунчулар келип:

– Жаш жигит менен татынакай кыз качып бараткanын көрдүңбү, абышка? – деп сурашты.

– Мен бул бакты кайтарганыма көп болду, бирок андайды эч бир көргөн жокмун, – деп багбан жооп берди.

– Кой айдаган чалды көрдүңбү?

– Аны да көргөн жокмун.

Ошентип, куугунчулар дагы куру кол кайтышты. Юрий менен кыз дагы жөнөдү.

Жигиттери кожоюнга барып, аялы экөөнө бардыгын айта баштады:

– Эч кимди кууп таба албадык: экөө тең жердин түбүнө житип кеткен окшойт! Мөмөлүү даракты кайтарган чалды гана көрдүк: бул жолдон эч ким качып өткөн жок, кой айдаган койчу да келген жок дейт ал. Ошентип кайра кайттык. Ызгыган шамалды кантип кармайбыз?

– Анык макоо экенсиңер! – дешти кожоюн менен аялы. – Даракты да, багбанды да балта менен кескилеп ташташ керек болчу. Юрий менен биздин кызматчы кыз ошол эмеспи! Силерге ишенип кереги жок экен. Өзүбүз кошо куубасак болбойт!

Ошентип, кожоюн менен аялы жигиттерине кошулуп, дагы жөнөгөндө жер дүңгүрөп, айлана бүт алайдүлөй түшүп, чаң ызгып баратты.



Муну ыраактан уккан Юрий менен кыз ого бетер шашып чуркады. Эми кожоюн аялы экөө кошо кууп келатканын билишти. Алардын дүңгүрөгөн дабышы улам жакындап жана катуулай берди.

– Сенин үйүңө чейин аз эле жер калса да, жете албай калдык, – деди кыз. – Эптеп кутулуш керек. Мен дарыя болуп агам, а сен аркы жээкте болосуң...

Ошол замат чоң дарыя ага баштап, Юрий аркы жээкке чыгып калды.

Аңгыча кожоюн аялы экөө жигиттери менен жетип келди. Аялы сууну көргөндө долулана бакырып:

– Балта менен чапкыла муну! Чапкыла тез! – деди.

Жигиттер аттан ыргып түшүп, сууну балта менен чаба баштады. Дарыядан онтогон үн чыгып, кан агып кетти.

Юрий тиги жээкте эмне кыларын билбей, же эч бир жардам да кыла албай, жөн гана карап турат.

– Өл эми, бейбак! – деп кыйкырышты кожоюн менен аялы, сууга карап. – А сен, мужуктун уулу, качып кутулбайсың: сага да жетебиз!

Ошентип кыйкырып-өкүрүп, кекенген түрдө муштумдарын көрсөтүп, дагы эле куру кол кайтышты. Юрий тыңшап турса – дарыядан онтоп сүйлөгөн үн угулду:

– Оф, кыйналды жаным... Али көпкө чейин жатышым керек – оор жарадар болдум. Сени менен узак убакка көрүшө албайм. Ошондуктан өз ата-энеңе бара бер, Юрий... Бирок мени унутпагын! Ал эми унутпоо үчүн эч ким менен өбүшпөгүн. Өбүшсөң – унутуп коёсуң. Мында тез-тез келип, алы-жайымды көрүп тургун!..

Юрий катуу кайгыга батып, үйүнө кайтты. Жаш колуктум менен барам деген үмүтү өчүп, ушундай чоң кырсык болду.

Үйүнө келди. Ата-энеси уулун көргөндө кубанычына чыдабай өлүп кете жаздады. Бирок Юрий эч ким менен өбүшпөй койгону үчүн аң-таң калышты. Ал түгүл өз бетинен да өптүргөн жок. Ошентип Юрий ата-эненин кубанычы болуп, үйүндө тура берди. Кеч кирген сайын сууга барып, сүйгөн кызы менен сүйлөшүп, анан кайра кайтат. Кыздын жарасы качан айыгар экен деп, чыдамсыздык менен күтүп жүрөт.

Ушинтип көп убак өттү. Өзөндөгү суу туна баштап, кыздын жарасы жабылып, күндөн-күнгө айыгып келатты.

Ошондо балакет басып, уктап жаткан кезде чоң атасы келип, Юрийдин бетинен өөп коюптур. Уйкудан ойгонуп, кызды такыр көрбөгөн сыяктуу биротоло унутуп салды.

Дагы бир аз күндөр өткөндөн кийин атасы айтты:

– Сен эмне, түбөлүк бойдок жүрөсүңбү? Аял алышың керек. Биз сага жакшы колукту таап койдук.

Ал кыз Юрийге өтө жакты. Той башталды. Тою абдан кызык жана оюн-тамашалуу болуп жатты. Жалгыз Юрий гана кандайдыр кабагы салыңкы: тынчы кетип, жүрөгү сыздагансыйт, бирок эмне үчүн экенин өзү да билбейт.

А ашканада жоон топ кыз-келин тойго арналган кооз токочту жасашып, камырды көп жуурушуп, ага ар түрлүү көрк берип бышырып жатышты. Аңгыча бир чоочун кыз кирип айтты:

– Мага уруксат кылгылачы, кыздар: мен камырдан эркек жана ургаачы өрдөктү жасап, тойго арналган токочко кошуп, күйөө менен кызга алып барайын!

Кыз-келиндер уруксат кылышты. Берки кыз камырдан эки өрдөк жасап, эркегин токочтун үстүнө коюп, ургаачысын колуна кармап, жасалгалуу үйгө кирди да, муну күйөө, кыздын алдына коюп, эркек өрдөктүн так чокусун өз колундагы ургаачысынын тумшугу менен чокуттура баштады:

– Мен сени туткундан алып чыкканымды унутуп койдуңбу! – деп эркек өрдөктү катуу чокутуп, өзү сүйлөп да жатат. – Мен сени ажалдан куткарганымды кошо унуттуңбу! – деп дагы чокутту. – Мен сен үчүн жарадар болгонумду кантип унуттуң ыя?!

Юрий оор уйкудан эми гана ойгонгонсуп, көзү ачыла түштү. Өзү эмне болгонун эстеп, кызды таасын таанып, ордунан ыргып турду да, кыса кучактап, жүрөгүн жүрөгүнө басты:

– Мынакей менин сүйгөн колуктум! Мени чын ажалдан куткарган ушул болчу! Мени туткундан бошоткон да ушул! Жалгыз гана ушуну сүйөм! Бөлөктү тааныбайм да, билбейм!

Анан муну жанына олтургузуп, тойду кайра жаңыртты. Ошентип Юрий сүйгөн кызына кошулуп, экөө узак өмүр жашап, бактылуу болушту.

## КУЮНДУН БЕРГЕН БЕЛЕКТЕРИ

Илгери бир чал менен кемпир болуптур. Бир себет кара буудайынан белек эч нерсеси жок, ал экөө эң эле кедей экен.

– Ээ, кемпир, бул буудайды эмне кылабыз? – деп сурады чал.

– Тегирменге жеткирип ун салдыргын, анан токоч бышырабыз, – деп кемпири айтты.

Абышка тегирменге барып, буудайын тарттырып, унду үйүнө көтөрүп жөнөдү.

Кайдан чыга калганы белгисиз куюн уюлгуп келди да, унун бүт учуруп кетип, байкуш чал таптакыр куру кол кайтты.

– Ээ, кемпир, эми эмне кылабыз: унду бүт куруган куюн учуруп кетти!

– Эмесе сен так ошол куюнга барып, унуңду доолап алгын!

Абышка куюнду издеп жөнөдү.

Жүрүп отуруп, жүрүп отуруп, акыры калың токойго келди.

Караса – жалгыз үй туруптур. Ичине кирсе – жалгыз кемпир отурат.

– Сен мында эмне келдиң, ырайы жакшы киши? – деп сурады кемпир.

Куюнду издеп жүрөм.

– Куюнду эмне кыласың?

– Менин унумду бүт учуруп кетти, ошонун доосун алмакмын.

– Эмесе так үстүнөн чыктың, – деди кемпир. – Бул үй куюндун үйү, мен анын өз энесимин!

Кемпир анан абышканы жакшылап тойгузуп, куюнду күттүрүп койду.

Бир маалда куюн учуп келди.

– Сен эмне үчүн бул кишинин унун учуруп кеттиң? Эми өзү таптакыр токочсуз калыптыр! – деп энеси куюнга сүйлөдү.

Анда куюн чалга карай:

– Кайгырбагын, атаке, сенин унуң үчүн мен сыйлыкты мыктап берем, – деди.

Анан бир дасторкон берди.

– Бул эмне болгон дасторкон? Муну мен эмне кылам? – деп чал сурады.

– Бул жөнөкөй дасторкон эмес, – дейт куюн. – «Жайыл, дасторкон, жайыл... Үстүңө тамак үйүл!» – десең эле, дүйүм тамактын баары мунун үстүнө үйүлүп калат.

Абышка дасторконду көтөрүп алып үйүнө жөнөдү. Бир аз узагандан кийин «куюн мени алдап койгон жокпу» деп ойлоп, муну сынамак болуп:

– Жайыл, дасторкон, жайыл... Үстүңө тамак үйүл! – деди.

Дасторкон ошол замат өзүнөн өзү жайыла калып, дүйнөдөгү дүйүм тамактын баары үстүнө үйүлүп калды.

Абышка аябай таң калып, тамакка мыктап тойгондон кийин дасторконун жыйып, үйүн карай дагы жөнөдү. Жолдо түн кирип кетти. Бир үйгө кайрылып, конуп өтүүгө уруксат сурады. Анда бир бай аял турат экен. Ал жалаң митаамдык жана алдоо менен байыптыр. Чалды кондуруш үчүн ичкери киргизип, анан сыр сурай баштады:

– Кайдан келатасың, абышка?

– Куюн учуруп кеткен унумду доолап барып, ошондон келатам.

– Ал эмне берди сага?

– Дасторкон берди.

– Кандай дасторкон экен?

– Жөн дасторкон эмес. «Жайыл, дасторкон, жайыл... Үстүңө тамак» үйүл!» десем эле, бардыгы даяр боло калат.

– Эмесе дасторконуңду оозгу үйгө катып кой: биздикинен эч ким албайт.

Абышка макул болуп, дасторконун оозгу үйгө катып койду.

Аял чал менен аны-мунуну сүйлөшүп отуруп, анан кызын чакырып, кулагына шыбырады:

– Чалдын дасторконун бөлөк жерге бекем катып, ордуна биздин дасторконду коё салгын!

Кыз энесинин айтканындай кылды: чалдыкын бөлөк жерге бекем катып, ордуна өз дасторконун коё салды.

Эртең менен чал төшөктөн туруп, дасторконду койнуна тыгып, жөнөп кетти.

Үйүнө келип минтип айтты:

– Эми, кемпир, экөөбүз ачкалыктын азабын тартпайбыз... ар дайым курсагыбыз ток болот! Кана, отурчу ылдам!

Экөө үстөлгө отурду. Абышка койнундагы дасторконду алып, буйрук берди:

– Жайыл, дасторкон, жайыл... Үстүңө тамак үйүл!

Дасторкон былк этип койбойт.

Кемпир аябай ачууланып, чалын кайра кууду:

– Куюнга дагы баргын!

Абышка түнт токойду аралап дагы жүрүп отурду. Акыры куюндун үйүнө жетти. Кирип барар замат ачууланып:

– Уятың жок экен, куюн! Мени алдап койгон турбайсыңбы! Дасторконуң тамак тургай, таш да бербейт!

Куюн эми козу жетелеп келди:

– Мына бул козу сеники, абышка. Буга сен: «Силкин, козу, силкин... алтын жана күмүш бергин!» десең эле, бере салат.

Абышка козуну жетелеп үйүнө кетти.

Жүрүп отуруп, жүрүп отуруп, түн киргенде баягы үйгө барып түнөдү.

Ээси чалды киргизер замат:

– Бул кандай козу? – деп сурады.

– Муну мага куюн берди. «Силкин, козу, силкин... алтын жана күмүш бергин!» десем эле, бере салат.

– Көрсөтчү!

– Эмесе таар алып кел.

Аял таар алып келди. Абышка аны жерге жайып, козуну ошонун үстүнө тургузуп:

– Силкин, козу, силкин... алтын менен күмүш бергин, – деди.

Козу силкинип жиберди, алтын менен күмүш таарга толо төгүлдү.

Айлакер аял муну көргөндөн кийин, ошол эле түнү козуну алмаштырып койду.

Чал эртең менен ордунан туруп, бөлөк козуну жетелеген бойдон үйүнө кетти. Келип, кемпирине айтты:

– Биз эми акчага тунмак болдук, кемпир! Оболу таар алып кел!

Кемпир таар алып келди.

Чал козуну таардын үстүнө тургузуп, буйрук бере сүйлөдү:

– Силкин, козу, силкин... алтын жана күмүш бергин!

Козу козголуп койбойт.

Кемпир чалын дагы кууду:

– Куюнга тезинен жет, биздин унубуз үчүн доону толук өндүр!

Абышка куюндун үйүнө дагы барды. Куюн мунун сөзүн уккандан кийин кичинекей чоор берди:

– Эми ушул чоорду алгын, абышка: «Чоордон чогууң менен чык!» десең эле, жоготкон байлыгыңдын баары өзүңө кайтат, – деди куюн.

Абышка аны алып үйүнө жөнөп, жолдо сынап көрмөк болуп:

– Чоордон чогууң менен чык! – деп буйруду.

Ошол замат жоон топ жигит чоордон чыга келип, колдорундагы чокмору менен чалды сабай баштады. Байкуш чалдын айласы кетип:



– Чоорго чогууң менен кайра кир! – деп кыйкырып жибергени жакшы болду.

Жигиттер чоордун ичине көз ачып-жумгуча кайра кирип, чал жолуна түштү.

«Куюнга чоң ыракмат! – деп ойлоду бул. – Мага чын акылды эми үйрөткөн экен. Азыр барып, эмне кыларымды өзүм билем!»

Мурда түнөп жүргөн үйгө жетип, дагы суранды. Айлакер аял эшигин ары-бери ача салып:

– Бул кандай чоор, абышка? – деди.

– Муну мага куюн берди. «Чоордон чогууң менен чык!» – десең эле, каалаган нерсеңдин баары даяр болот.

Абышка ушул сөздү айтып, чоорун столдун үстүнө таштап, өзү сыртка чыгып кетти. Ошол замат аял чоорду ала коюп:

– Чоордон чогууң менен чык! – деди.

Колдорунда чокмору бар жоон топ жигит чоордон секирип чыгып, аялды сабай баштады. Былчылдата сабап жатканда аялдын айласы түгөнүп:

– Абышка, ай... абышка! Мен өлмөк болдум! Эптеп куткар! – деп кыйкырды.

Чал үйгө кайра кирип:

– Дасторкон менен козумду бересиңби же жокпу? – деди.

– Мен аларды алган эмесмин!

– Алган эмессиңби? Эмесе дагы ургула, жигиттер!

– Койдум, абышка, койдум... берейин эми, берейин... Мени куткара көр!

Чал ошондо гана көңүлү тынып:

– Чоорго чогууң менен кайра кир! – деди.

Жигиттер чоордун ичине кирип кетти. Айлакер аял чалдын дасторкон жана козусун өз колуна тапшырды. Чал үйүнө кайтты.

Куюндун берген белектерин бүт бойдон кемпирине жеткирип, экөө кайгы-капаны жана ач-муктаждыкты эч бир билбей, узак жашаган экен.

# МУЖУК КАНТИП БАРИН МЕНЕН БИРГЕ ТАМАК ИЧТИ

Бир күнү мужуктар бактын көлөкөсүнө отуруп алышып, чылымды тындырбай соруп, барин жөнүндө кеп козгошту. Булардын кожоюну – барин барып турган каардуу жана өз үйүнөн жарым чөмүч суу бербес сараң эле. Бирок мужуктардын бири минтип айтты:

– Ай, силер киши болбой калгыла! Эгер мен чындап кааласам, жарым чөмүч суу сурап эмес, барин менен бирге тамак ичем, – деди.

Мужуктар туш-туштан кыйкырып, мелдеше баштады:

– Эгер сен калп айтпай, биздин бариндин үйүнөн тамак иччү болсоң сага эки өгүз берели.


Булар мелдешти аябай бекемдешип, өз ара кол кармашты.

Мужук баринге келип, ийилип салам берди да, минтип шыбырады:

– Урматтуу таксыр, мен эч кимге сыр айткан жокмун, сурап көрүш үчүн түз эле сизге келдим: чоңдугу момундай алтындын баасы канча турат?

Мужук өзүнүн чоң муштумун көрсөттү.

Бариндин алтынга кызыккан көзү кызара түштү.



– Кир бери, мужик, кир бери, – деди ал шашкалактап.

Мужук үйгө кирип, дагы шыбырады:

– Ушуну айтыңызчы, урматтуу таксыр: чоңдугу момундай алтындын баасы канча болот?

Мужук эми эки муштумун бириктире түйүп көрсөттү.

Барин суктугуна чыдабай калтырап-титиреп:

– Отур, мужучок, отур, бир аз арак ичкин, – деди.

Анда мужук айтты:

– Бирок арακты тамагы менен иччү эле го, таксыр... Ал эми момундай алтындын баасы канча турат?

Мужук анан өзүнүн башын көрсөттү.

Бариндин өңү өзгөрүп, алаканын чаап, үй кызматчыларына кыйкырды:

– Арак алып келгиле! Виносу кошо келсин, тамак да керек!.. Кана, олтур, мужучок, экөөбүз бирге тамак ичебиз.

Мужук бариндин жанында отуруп тамак ичти.

Барин алеп-желеп болуп, алтын кайда экенин эртерээк билгиси келип жатат.

Мужук арактан ичип, тамакты лапылдата жеп, өмүр бою мындайдын даамын татпагандыктан кез-кез тамшанып коёт.

Барин өз оозундагысын чала-була чайнап жутуп, шапкесин алып:

– Кана, мужук, эми алтыныңа алып бар, – деди.

Мужук козголбостон канжасын чегип, башын чайкады да, минтип айтты:

– Менде алтын кайдан болсун, урматтуу таксыр... Алтын жок эмеспи менде... Эгер болсо, ошонун баасы канча турар эле деп, жөн гана билип коюшка сурадым.

Бариндин аябай ачуусу келип, мужукка үнүн бардыгынча бакырды:

– Жогол мындан, акмак!

Анда мужук айтты:

– Эх, урматтуу таксыр, эгер мен эки өгүздү заматта утуп алып жатсам, анчалык акмак боло койбосмун, – деди.

# МОЛДАВАН ЖОМОКТОРУ

## АТАСЫ КАТКАН КЕНЧТИ БАЛДАРЫ КАНТИП ТАПТЫ

Илгери жарык дүйнөдө бир чал болгон экен. Анын үч уулу болуптур. Тырышчаак жана эмгекчил чал эч качан бекер тура алчу эмес. Таң агаргандан күүгүм киргенге чейин бардыгын жасап салчу.

Уулдары болсо бою карагайдай, келишимдүү жана албеттүү, бирок эмгек кылышчу эмес.

Атасы талаада, бакчада жана үй жумуштарында күйпөлөктөп жүргөндө, уулдары карагайдын түптөрүндө бекерликтен ойду-тоону кеп салып, анан Днестрге балык улаш үчүн кетишет.

– Силер эмне үчүн иштебейсиңер? Жок дегенде атаңарга жардам берсеңер боло, – деп коңшулары аларга айта турган.

– Бизге иштин эмне кереги бар? Атабыз биз үчүн камкордук кылып, бардык ишти аткарууда, өзү эле үлгүрүп жатпайбы, – деп балдары жооп кайтарышчу.

Мына ушинтип бир нече жыл бою жалаң бекерчиликте жүрүштү.

Булар жакшы эле өсүп жетип, а атасы болсо картайып алдан-күчтөн тайыды.

Акыры үйүнүн жанындагы бакчасы бош калып, эгин талаасы ээндеди, багы отоо чөптөргө толду.

Муну көрүп турган уулдар дале иштегиси келбеди.

– Кана эми, уулдарым, бекерликти таштагыла! Эмне бекер отурасыңар, ыя? – деп атасы алардан сурады. – Алым бар кезде иштедим, эмки кезек – силердики... Уулдары: «иштээрбиз» – деген жоопту кайтарышты.

Чал капаланып, кайгысына чыдабай төшөккө жатып калды.

Ошентип үй-бүлөнү биротоло жакырчылык басып, багы чытырман токойго айланып, андан үйдүн төбөсү да көрүнбөй калды.

Күндөрдүн биринде чал уулдарын өзүнө чакырып, мындай деди:

– Мына менин өлөөр мезгилим келди. Менсиз кантип оокат кылар экенсиңер! Эмгекти такыр каалабайсыңар, анын үстүнө иштин жөнүн да билбейсиңер.

Уулдары катуу кайгырып, ыйлап да жиберишти.

– Ай, атаке, бизге акыркы кеңешиңди жана керээзиңди ырас эле айтып кет, – деп эң оболу улуу баласы сурады.

– Макул, ушул убакка чейин айтпай жүргөн жашыруун сырым бар. Маркум энеңер эмгекчил экени эсиңерде бардыр. Көп жылдар бою силер үчүн ал экөөбүз бир кумура алтын чогулткан элек. Кумураны дал ушул тамдын түбүнүн бир жерине көмгөм, бирок кайсы жер-

ге көмүлгөнү эсиме түшпөй турат. Менин казынамды издеп тапсаңар, эч качан кем болбой жашайсыңар...

Атасы уулдары менен коштошту да, дүйнөдөн кайтты.

Уулдары кайгыга батып, чалды көмүштү.

– Эми эмне кылдык, эч нерсе жок, ал тургай нан алууга да акчабыз жок...

Анан улуу агасы мындай деди:

– Атам өлөөр алдында айткан сөзү эсиңердеби? Кана эмесе, алтын салынган кумура кайда көмүлгөнүн издейли.

Ошентип алар күрөк алып, тамдын түбүн каза баш-ташты. Казып-казып, кумурадагы алтынды таба алыш-пады. Бир маалда ортончу иниси:

– Туугандар! Биз минтип улам бир жерди чукуп ол-турсак, атабыздын кенчин таба албаспыз, андан көрө тамдын түбүн бүт айланта казып чыгалы, – деди.


Бир туугандар макул болушту.

Алар кайра баштап казышты, бирок алтынды таба алышпады.

– Эх! – деди кичүү иниси, – кана эми, дагы бир жолу тереңдете казып чыгалы! Балким, атабыз алтын са-лынган кумараны терең каткан чыгар?

Бир туугандар макул болушту. Атасынын каткан алтынын тапкылары келишти.

Ишти дагы кайрадан баштап, улуу агасы казып ол-туруп, акыры анын колуна кандайдыр бир зор жана ка-туу буюм урунгандай болду. Жүрөгү дүк-дүк этип, ку-банганынан инилерин чакыра кыйкырды:



– Тезирээк келгиле, мен атамдын кенчин таптым!

Ортончу жана кичүү иниси чуркап, агасына жардам беришти.

Кара терге түшүп жатып сууруп чыккан табылгасы кумурадагы алтын эмес, чоң таш болуп чыкты.

Алар аябай ызаланышты.

– Бул ташты эмне кылмак элек?

– Бул жерде калтырбай, алыс ыргытып жиберели!..

Алар ошондой кылышты, ташты оолак алып барып таштады да, өз иштерин дагы улантты. Күн бою иштешип, дем алууну жана тамак ичүүнү да такыр унутушту, а алтын салынган кумура баары бир табылган жок.

– Бул айлананы бүт казып чыктык, эми муну ээн калтырыш ылайык болбос. Ушул жерге жүзүм тиксек кантет? – деди улуу агасы.

– Туура! Эмгегибиз текке кетпесин, – деди инилери, агасын кубаттап.

Жүзүм олтургузгандан кийин ага жакшы карап, жакшылап багышты.

Көп убакыт өтпөй эле, эң сонун жүзүм бакчасы өсүп чыга келди. Анын бутактарында алтын сыяктуу бармактай сары мөмөлөр бышып турду.

Бир туугандар мол түшүм чогултуп алышты. Өздөрүнө жетээрлик калтырышты да, артканын көп акчага сатышты.

– Атам өлөөр алдында айтып кеткен бир кумура алтын ушул тура.

Жерге кылган эмгегибиз бекерге кетпептир, мындан биз түгөнбөс кенч тапкан экенбиз, – деди улуу агасы.

– Чын! Өз жерибизде эми жыл сайын эмгектенебиз – жер бизге алтын берет, – деп ортончусу жооп кайтарды.

Мына ушундан тартып, бир туугандар ынтымактуу иштеп, ар жылдын күз айында, атасы айткан бир кумура алтынды таап турчу болушту.

# МАЗМУНУ

*Орус эл жомоктору*

Жети жашар кыз .......... 3
Күмүш табак жана сонун бышкан алма .......... 9
Мужук казды кандайча бөлдү .......... 16
Кедейдин соттолушу .......... 18
Жапайы каздар .......... 22
Бармактай бала .......... 26
Тантыкей катын .......... 30
Чортондун буйругу боюнча .......... 36
Мужук менен падыша .......... 46

*Укриан эл жомоктору*

Чолок өрдөк .......... 52
Серко .......... 56
Хвеська .......... 61
Кол кап .......... 69
Мырза мышык .......... 72
Чындык жана жалган .......... 77

*Беларус жомоктору*

Акылман кыз .......... 86
Куюндун берген белектери .......... 109
Мужук кантип барин менен бирге тамак ичти .......... 117

*Молдавин жомоктору*

Атасы каткан кенчти балдары кантип тапты .......... 121

*Көркөм адабий басылма*

**ДҮЙНӨ ЭЛДЕРИНИН ЖОМОКТОРУ – 1**

Сүрөттөр интернет булактарынан алынды

Редактору *Жумадин Кадыров*
Корректору *Назгүл Осмонова*
Компьютерде көркөмдөгөн
*Алтынбек Үсөнбек уулу*

Терүүгө 19.12.2019-жылы берилди.
Басууга 19.02.2019-жылы кол коюлду.
Форматы 60/84 $^{1}/_{16}$ Офсеттик кагазга басылды.
Көлөмү 8 б.т. Нускасы 500 даана. Заказ № 85

Бишкек шаары, «Улуу Тоолор» басмасы,
Ю. Абдрахманов көчөсү 170 а. Тел.: 62-02-11

